**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги**

**Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-ж. 18-июну № 178 — г. Бишкек

**КР КЭ 21-101:2024 «Имараттардын жана курулмалардын өрт автоматикасы» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Имараттардын жана курулмалардын өрт коопсуздугун камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жөнүндө жобону жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

1. Тиркелген КР КЭ 21-101:2024 «Имараттардын жана курулмалардын өрт автоматикасы» курулуш эрежелери бекитилсин.
2. Басма сөз-катчы бул буйрукту Мамкурулуштун веб-сайтында жарыялоону камсыз кылсын.
3. Бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып Кыргыз Республикасынын аймагында КЧжЭ 2.04.09-84 «Имараттардын жана курулмалардын өрт автоматикасы» колдонулушу токтотулсун.
4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары Иманакун уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Директор** — **Н.К. Орунтаев**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги**

**Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

18 июня 2024 года № 178 — г. Бишкек

**Об утверждении Строительных правил Кыргызской Республики СП КР 21-101:2024 «Пожарная автоматика зданий и сооружений»**

В целях обеспечения пожарной безопасности зданий и сооружений, руководствуясь Положением о Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Госстрой), утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года №44, **приказываю:**

6. Утвердить прилагаемые строительные правила СП КР 21-101:2024 «Пожарная автоматика зданий и сооружений».
7. Пресс-секретарю обеспечить опубликование настоящего приказа на веб-сайте Госстроя.
8. Отменить действие на территории Кыргызской Республики СНиП 2.04.09-84 «Пожарная автоматика зданий и сооружений» со дня вступления в силу настоящего приказа.
9. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.
10. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Госстроя Иманакун уулу Талантбека.

**Директор** — **Н.К. Орунтаев**

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Система нормативных документов в строительстве

**СТРОИТЕЛЬНЫЕ ПРАВИЛА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ИМАРАТТАРДЫН ЖАНА КУРУЛМАЛАРДЫН ӨРТ АВТОМАТИКАСЫ

# КР КЭ 21-101:2024

# ПОЖАРНАЯ АВТОМАТИКА ЗДАНИЙ И СООРУЖЕНИЙ

# СП КР 21-101:2024

Расмий басылма

Издание официальное

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА
И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК 2024

## Сөз башы

1 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (Мамкурулуш) алдындагы Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан ЖАҢЫРТЫЛДЫ

2 Мамкурулуштун Архитектура жана техникалык ченемдөө башкармалыгы тарабынан КИРГИЗИЛДИ

3 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Мамкурулуш жөнүндө жобонун негизинде Мамкурулуштун 2024-жылдын 18-июнунда № 178 буйругу менен БЕКИТИЛИП, 2024-жылдын 5-июлунан тартып ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

4 КЧжЭ 2.04.09-84 ««Имараттардын жана курулмалардын өрт автоматикасы»нын ОРДУНА

*Мамкурулуштун уруксатысыз ушул курулуш эрежелерин расмий басылма катары толугу менен же жарым-жартылай көчүрмөсүн жасоого, аларды тираждоого жана таратууга болбойт*

© Мамкурулуш, 2024

Ушул курулуш эрежелеринин жоболору кайра каралган (алмаштырылган) же жокко чыгарылган учурда, тиешелүү билдирме белгиленген тартипте жарыяланат. Тийиштүү маалымат, билдирмелер жана тексттер жалпы колдонгон маалыматтык тутумдарда – иштеп чыгуучунун расмий сайтында жайгаштырылат

# Мазмуну

1 Колдонуу чөйрөсү ........ 1
2 Ченемдик шилтемелер ........ 2
3 Терминдер жана аныктамалар ........ 4
4 Жалпы жоболор ........ 10
5 Суу, аз жана орто эселенген көбүк менен өрт өчүрүүчү орнотмолор ........ 12
6 Жогорулатылган көбүк менен өрт өчүрүү орнотмолору ........ 23
7 Майда чачылган суу менен өрт өчүрүү орнотмолору ........ 26
8 Газ менен өрт өчүрүү орнотмолору ........ 27
9 Модулдук типтеги күкүм менен өрт өчүрүү орнотмолору ........ 38
10 Өрт өчүрүүнүн автономдуу (өзүн-өзү иштетүүчү) орнотмолору ........ 42
11 Өрт өчүрүү орнотмолорун башкаруу аппаратурасы ........ 43
12 Өрт сигнализация тутумдары ........ 49
13 Өрт сигнализация системаларынын башка системалар, имараттардын жана курулмалардын технологиялык жана электротехникалык жабдуулары менен байланышы ........ 62
14 Өрт сигнализациясынын системаларын жана өрт өчүрүү орнотмолорун электр менен камсыздоо ........ 63
15 Коргоочу жердетүү жана нөлдөтүү. Коопсуздук талаптары ........ 64
А тиркемеси Жайлардын (өндүрүштөрдүн жана технологиялык процесстердин) функциялык арналышына жана күйүүчү материалдардын өрт жүктөмүнө жараша өрттүн өнүгүү коркунучунун даражасы боюнча топтору ........ 65
Б тиркемеси Суу, аз жана орто эселенген көбүк менен өрт өчүрүү орнотмолорун эсептөө методикасы ........ 66
В тиркемеси Жогорку эселенген көбүк менен өрт өчүрүү орнотмолорунун параметрлерин эсептөө методикасы ........ 70
Г тиркемеси Газ өчүрүүчү заттардын массасын эсептөө үчүн баштапкы маалыматтар ........ 71
Д тиркемеси Көлөмдүү ыкма менен өчүрүүдө газ өчүрүүчү орнотмолор үчүн газ өчүрүүчү заттын массасын эсептөө методикасы ........ 76
Е тиркемеси Төмөн басымдагы көмүр кычкыл газын өчүрүүчү орнотмону гидравликалык эсептөө методикасы ........ 79
Ж тиркемеси Газ өрт өчүрүүчү орнотмолор менен корголгон жайлардагы ашыкча басымды чыгаруу үчүн тешиктин аянтын эсептөө методикасы ........ 81

И тиркемеси Модулдук типтеги порошок өрт өчүрүү орнотмолорун эсептөө боюнча жалпы жоболор ........ 82
К тиркемеси Корголуучу жайдын максатына жана өрт жүктөмүнүн түрүнө жараша өрт кабарлагычтарынын тибин тандоо ........ 86
Л тиркемеси Имараттардын жана жайлардын максатына жараша кол менен иштөөчү өрт кабарлагычтарын орнотуу жерлери ........ 88
М тиркемеси Имараттарда жана курулмаларда адамдарга өрт тууралуу билдирүү тутумдарын долбоорлоо боюнча жетекчилик ........ 89

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**ИМАРАТТАРДЫН ЖАНА КУРУЛМАЛАРДЫН ӨРТ АВТОМАТИКАСЫ**

**Пожарная автоматика зданий и сооружений**

Fire automation of buildings and structures

КЧжЭ 2.04.09-84
жаңыртылган редакциясы

**Киргизүү датасы – 2024.07.05**

## 1 Колдонуу чөйрөсү

1.1 Ушул курулуш эрежелери өзгөчө климаттык жана жаратылыш шарттары бар аймактарда курулуп жаткан, анын ичинде ар кандай арналыштагы имараттар жана курулмалар үчүн автоматтык өрт өчүрүү жана өрт сигнализациясын долбоорлоо үчүн колдонулат. Өрт өчүрүү түзүлүштөрүнүн жана өрт сигнализациясын колдонуу зарылдыгы тиешелүү КЧжЭ жана белгиленген тартипте бекитилген башка документтер боюнча аныкталат.

1.2 Ушул курулуш эрежелери автоматтык өрт өчүрүү жана өрт сигнализациясын долбоорлоо үчүн төмөнкүлөргө колдонулбайт:

- атайын ченемдер боюнча долбоорлонуучу имараттар жана курулмалар;
- имараттардан тышкары жайгашкан технологиялык орнотмолор;
- көчмө стеллаждары бар кампалардын имараттары;
- продукцияны аэрозолдук таңгакта сактоо үчүн кампалардын имараттары;
- жүк сактоочу бийиктиги 5,5 мден ашкан кампа имараттары.

1.3 Ушул курулуш эрежелери Д классындагы (МАМСТ 27331 боюнча) өрттү өчүрүү үчүн өрт өчүрүүчү орнотмолорду, ошондой эле химиялык активдүү заттарды жана материалдарды долбоорлоого жайылтылбайт, анын ичинде:

- өрт өчүрүүчү зат менен реакцияга кирүүчү заттар (алюминий органикалык бирикмелер, щелочтуу металлдар);
- күйүүчү газдарды бөлүп чыгаруу менен өрт өчүрүүчү заттар менен өз ара аракеттенүүдө чирүүчү заттар (литий органикалык бирикмелер, коргошундун азиди, алюминийдин, цинктин, магнийдин гидриддери);

- экзотермикалык таасирде өрт өчүрүүчү зат менен өз ара аракеттенүүчүлөр (күкүрт кислотасы, титан хлориди, термит);
- өзүнөн-өзү тутануучу заттар (натрий гидросульфити ж.б.).

## 2 Ченемдик шилтемелер

Ушул курулуш эрежелеринде төмөнкү ченемдик документтерге шилтемелер пайдаланылды:

Кыргыз Республикасынын «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Мыйзамы;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы №381 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелери»;

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 3-августундагы № 01-13/159 буйругу менен бекитилген «Басым астында иштеген идиштерди куруу жана коопсуз пайдалануу эрежелери»;

КР КЧ 21-01:2018 Имараттардын жана курулмалардын өрт коопсуздугу;

КР КЧ 23-05:2019 Табигый жана жасалма жарык берүү;

КР КЧ 40-01:2023 Суу менен камсыздоо. Тышкы тарамдар жана курулмалар;

КР КЧ 41-04:2022 Жылытуу, желдетүү жана абаны кондициялоо;

КЧжЭ 2.04.01-85* Ички суу түтүктөрү жана имараттарды каналдаштыруу;

КЧжЭ 2.05.06-85* Магистралдык түтүктөр;

КЧжЭ 3.05.05-84 Технологиялык жабдуулар жана технологиялык түтүктөр;

КМС МАМСТ Р 21.1003:2019 КДДС. Долбоордук жана жумушчу документтердин негизги талаптары;

МАМСТ 2.105-95* Тексттик документтерге жалпы талаптар;

МАМСТ 2.301-68* Форматтар;

МАМСТ 12.1.004-91 Өрт коопсуздугу. Жалпы талаптар;

МАМСТ 12.1.005-88* ЭКСТ. Жумушчу зонанын абасына жалпы санитардык-гигиеналык талаптар;

МАМСТ 12.1.030-81* ЭКСТ. Электр коопсуздугу. Жерге коргоочу туташтыруу, нөлдүк туташтыруу;

МАМСТ 12.1.033-81* ЭКСТ. Өрт коопсуздугу. Терминдер жана аныктамалар;

МАМСТ 12.2.003-91 ЭКСТ. Өндүрүштүк жабдуулар. Жалпы коопсуздук талаптары;

МАМСТ 12.2.007.0-75 ЭКСТ. Электротехника буюмдары. Жалпы коопсуздук талаптары;

МАМСТ 12.3.046-91 ЭКСТ. Автоматтык өрт өчүрүү орнотмолору. Жалпы техникалык талап;

МАМСТ 12.4.009-83* ЭКСТ. Объекттерди коргоо үчүн өрт техникасы. Негизги түрлөрү. Жайгаштыруу жана тейлөө;

МАМСТ 12.4.026-2015 ЭКСТ. Сигналдык түстөр, коопсуздук белгилери жана сигналдык белги. Максаты жана колдонуу эрежелери. Жалпы техникалык талаптар жана мүнөздөмөлөр. Сыноо ыкмалары;

МАМСТ 21130-75* Электротехника буюмдары. Жерге туташтыргычтар жана жерге туташтыруу белгилери. Конструкциялар жана өлчөмдөр;

МАМСТ 2768-84* Техникалык ацетон. Техникалык талаптар;

МАМСТ 3262-75* Болот суугаз түтүктөрү. Техникалык талаптар;

МАМСТ 5789-78 Реактивдер. Толуол. Техникалык талаптар;

МАМСТ 6016-77 Реактивдер. Изобутил спирти. Техникалык талаптар;

МАМСТ 8732-78* Ысык деформацияланган жиксиз болот түтүктөр. Сортамент;

МАМСТ 8734-75* Муздак деформацияланган жиксиз болот түтүктөр. Сортамент;

МАМСТ 10704-91 Электр менен ширетилген түз жиктүү болот түтүктөр. Сортамент;

МАМСТ 18188-72* Лак-боёгуч материалдар үчүн 645, 646, 647, 648 маркасындагы эриткичтер. Техникалык талаптар;

МАМСТ 18300-87 Ректификацияланган техникалык этил спирти. Техникалык талаптар;

МАМСТ 25823-83* Химиялык ток булактары үчүн марганец кош кычкылы. Техникалык талаптар;

МАМСТ 26952-86 Өрт өчүрүүчү порошоктор. Жалпы техникалык талаптар жана сыноо ыкмалары;

МАМСТ 27331-87 Өрт техникасы. Өрт классификациясы;

МАМСТ 28130-89 Өрт техникасы. Өрт өчүргүчтөр, өрт өчүрүү жана өрт сигнализациясы орнотмолору. Шарттуу графикалык белгилер;

МАМСТ 30379-2017 Кайтаруу, өрт жана кайтаруу-өрт сигнализациясынын технологиялык каражаттарынын электромагниттик шайкештиги. Талаптар, ченемдер жана тоскоолдукка туруктуулук жана индустриялык радио тоскоолдуктарды сыноо ыкмалары;

МАМСТ Р 53325-2012 Өрт техникасы. Өрт автоматикасынын техникалык каражаттары. Жалпы техникалык талаптар жана сыноо ыкмалары;

ЭӨЖС СТ 383-87 Курулуштагы өрт коопсуздугу. Терминдер жана аныктамалар;

ЭОЖЭ Электр орнотмолорун жайгаштыруу эрежелери;

ӨКЧ 51-96 Өрт өчүрүүчү газ кошулмалары. Өрт коопсуздугунун жалпы техникалык талаптары жана сыноо методдору;

ӨКЧ 105-03 Жайлардын, имараттардын жана тышкы орнотмолордун жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча категорияларын аныктоо;

ТТ 38.401-58-10-01 Жарыктандыруучу керосиндер.

## 3 Терминдер жана аныктамалар

Ушул эрежелерде төмөнкү терминдер тиешелүү аныктамалары менен колдонулат.

1 **автоматтык өрт өчүрүүнү орнотуу:** Корголуучу зонада белгиленген чектик маанилерден контролдонуучу өрт фактору (факторлору) ашып кеткен учурда автоматтык түрдө иштей турган өрт өчүрүүнү орнотуу.

2 **автоматтык суу бергич:** Башкаруу түйүндөрүн иштетүү үчүн зарыл болгон түтүктөрдүн басымын автоматтык түрдө камсыз кылган суу бергич.

3 **өрттү автоматтык кабарлоочу**: Өрт чыгып кетүү факторлоруна жооп берүүчү өрт кабарлоочу.

4 **автономдуу (өзүн-өзү иштетүүчү) өрт өчүрүүчү орнотмо:** Автоматтык түрдө тышкы энергия булактарына, контролдоо жана башкаруу тутумдарына карабастан өрттү аныктоо жана өчүрүү функцияларын ишке ашыруучу өрт өчүрүү орнотмосу.

5 **автономдуу өрт кабарлагыч:** Заттардын жана материалдардын аэрозолдук күйүү продуктуларынын (пиролизинин) белгилүү бир деңгээлдеги концентрациясына жана мүмкүн болгон өрттүн башка факторлоруна жооп берүүчү, корпусунда автономдуу электр берүү булагы жана өрттү табуу жана ал жөнүндө түздөн-түз кабарлоо үчүн зарыл болгон бардык компоненттер конструктивдүү бириктирилген өрт кабарлагыч.

6 **даректүү өрт кабарлагыч:** Өрт жөнүндө билдирүү менен бирге дарегинин кодун даректүү кабыл алуу-контролдоо приборуна берген өрт кабарлагыч.

7 **акселератор**: Спринклер иштетилгенде аба сигналынын клапанынын иштөө убактысынын кыскарышын камсыз кылуучу түзүлүш.

8 **газдан чыккан өрт өчүрүүчү батарея:** Жалпы коллектор жана кол менен баштоо түзүлүшү менен бириктирилген газдан чыккан өрттү өчүрүү модулдарынын тобу.

9 **көмөкчү суу бергич:** Башкаруу түйүндөрүнүн иштеши үчүн зарыл болгон түтүктөрдөгү басымды автоматтык түрдө камсыз кылуучу суу бергич,

ошондой эле негизги суу бергичтин жумуш режимине чыкканга чейинки суунун жана/же суу эритмесинин эсептик чыгымдалышы жана басымы.

10 **газдан чыккан өрт кабарлагыч:** Материал күйүп жатканда же күйгөндө чыккан газга жооп берүүчү өрт кабарлагыч.

11 **өрт өчүрүүчү аэрозоль генератору:** Белгиленген параметрлер менен өрт өчүрүүчү аэрозолду алуу жана аны корголгон бөлмөгө берүү үчүн түзүлүш.

12 **орнотмону алыстан иштетүү (баштоо):** Коргоочу жайда же анын жанында, диспетчердик пунктта же өрт өчүрүүчү станцияда, корголуучу түзүлүштүн же жабдуулардын жанында орнотулган ишке киргизүүчү элементтерден күйгүзүү (ишке киргизүү).

13 **дифференциалдык жылуулук өрт кабарлагыч:** Белгиленген чектик мааниден айлана-чөйрөнүн температурасынын өсүү ылдамдыгынан ашкан учурда өрт жөнүндө кабарлоону ишке ашыруучу өрт кабарлагыч.

14 **дозатор:** Өрт өчүрүүчү орнотмолордо сууга көбүк пайда кылуучу заттарды (кошулмаларды) дозалоо үчүн арналган түзүлүш.

15 **дренчердик суугаргычтар:** Чыгуучу ачык тешиги менен суугаргыч.

16 **өрт өчүрүүчү дренчердик орнотмо:** Дренчердик суугаргычтар менен жабдылган өрт өчүрүүчү орнотмо.

17 **түтүн иондоштуруучу (радиоизотоптук) өрт кабарлагыч:** Иштөө принциби күйүү продуктуларынын таасиринен келип чыккан иондошуу токунун өзгөрүүлөрүн жазууга негизделген өрт кабарлагыч.

18 **түтүн оптикалык өрт кабарлагыч:** Спектрдин инфракызыл, ультра кызгылт көк же көрүнөө диапазондорунда нурлануунун сиңирүү же чачыроо жөндөмүнө таасир этүүчү күйүү продуктуларына жооп берүүчү өрт кабарлагыч.

19 **түтүндөн чыккан өрт кабарлагыч:** Атмосферада катуу же суюк күйүү жана (же) пиролиз продуктуларынын бөлүкчөлөрүнө реакция кылуучу өрт кабарлагыч.

20 **өрт өчүрүүчү заттардын каражаты:** Өрт өчүрүүчү заттын эсептик санын жана резервин ыкчам калыбына келтирүү максатында объектте сакталган өрт өчүрүүчү заттын талап кылынган саны.

21 **бекитүүчү-коё берүүчү түзүлүш:** Идишке (баллонго) орнотулуучу жана андан өрт өчүрүүчү заттын чыгышын камсыз кылган түзүлүш.

22 **өрт сигнализациясын (өрт кабарлагычтарын) контролдоо зонасы:** Объекттин өрт факторлорунун пайда болушу өрт кабарлагычтары тарабынан табыла турган аянттарынын, жайларынын көлөмдөрүнүн жыйындысы.

23 **орнотмонун инерциялуулугу:** Өрттүн контролдонуучу фактору сезгич элементтин иштөө чегине жеткен учурдан тартып корголуучу зонага өрт өчүрүүчү затты (курамды) берүү башталганга чейинки убакыт**.**

Э с к е р т ү ү – Адамдарды корголуучу жайдан эвакуациялоодо өрт өчүрүүчү заттарды чыгарууну кечиктирүү жана технологиялык жабдууну токтотуу каралган өрт өчүрүү орнотмолору үчүн бул убакыт алардын инерциясына кирбейт.

24 **өрт өчүрүүчү заттын интенсивдүүлүгү:** Убакыт бирдигине аянттын (көлөмдүн) бирдигине берилүүчү өрт өчүрүүчү заттардын саны.

25 **жайлатуучу камера:** Басым сигнализациясынын линиясына орнотулган жана суу менен жабдуу булагынын басымынын кескин олку-солкулугунун натыйжасында сигналдык клапанды ачууда пайда болуучу жалган сигнализация сигналдарын берүү ыктымалдыгын азайтууга арналган түзүлүш.

26 **айкалышкан өрт кабарлагыч:** Эки же андан көп өрт факторлоруна жооп берген өрт кабарлагыч.

27 **сызыктуу өрт кабарлагыч (түтүн, жылуулук):** Кеңейтилген, сызыктуу зонада өрт факторлоруна жооп берүүчү өрт кабарлагыч.

28 **магистралдык түтүк:** Газ менен өрт өчүрүү орнотмолорунун бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүн бөлүштүрүүчү түтүктөр менен бириктирүүчү түтүк.

29 **максималдуу-дифференциалдык жылуулук өрт кабарлагыч:** Максималдуу жана дифференциалдуу жылуулук өрт кабарлагычтардын функциясын айкалыштыруучу өрт кабарлагыч.

30 **максималдуу жылуулук өрт кабарлагыч:** Айлана-чөйрөнүн температурасы белгиленген чектик мааниден – кабарлагычтын иштөө температурасынан ашкан учурда өрт жөнүндө кабарлоону түзүүчү өрт кабарлагыч.

31 **орнотмону жергиликтүү иштетүү (баштоо):** Насостук станциянын же өрт өчүрүү станциясынын жайларында орнотулуучу ишке киргизүү элементтеринен, ошондой эле өрт өчүрүү модулдарына орнотулуучу ишке киргизүү элементтеринен киргизүү (ишке киргизүү).

32 **өрт өчүрүүнүн модулдук орнотмосу:** Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмосу (ӨО) өз ичине: өрт өчүрүүчү курамды сактоочу жана берүү үчүн корголуучу жайларда, же алардын жанында орун алган бир, же бир нече модулдарды (баллондор, идиштер), ошондой эле өрттү табуу, же ал тууралуу билдирүүчү техникалык каражаттарды, өрткө каршы коргоонун аткаруучу түзүлүшүнүн (өрткө каршы клапандар, эшиктер ж.б.) жана инженердик тармактарын (желдетүү тутуму ж.б.) ажыратуу (жабуу) жана өрт өчүрүү орнотмосунун иштөөсү үчүн командалык импульсту жаратуучу өрт өчүрүүнү контролдоо жана башкаруу түзүлүшүн камтыйт.

33 **өрт өчүрүү модулу:** Корпусунда сактоо жана коё берүүчү импульстун модулдун иштеткичине таасир этиши менен өрт өчүрүүчү затты берүүчү иштери айкалышкан түзүлүш.

34 **өрт өчүрүүнүн импульстук модулу:** Өрттү өчүрүүчү заттын 1с чейинки узактыкта берилиши менен өрт өчүрүү модулу.

35 **чоргоолор:** Өрттү өчүрүүчү затты чыгаруу жана таратуу үчүн түзүлүш.

36 **өрт өчүрүүчү затты берүүнүн ченемдик күчөшү:** Ченемдик документтерде белгиленген өрттү өчүрүүчү затты берүүнүн күчөшү.

37 **ченемдик өрт өчүрүүчү концентрация:** Колдонуудагы ченемдик документтерде белгиленген өрттү өчүрүүчү концентрация.

38 **өрт өчүрүүчү аэрозоль:** Өрттүн очогуна өрт өчүрүүчү таасир берген аэрозоль пайда кылуучу курамдын күйүүчүөнүмдөрү.

39 **өрт өчүрүүчү заттар:** Күйүүнү токтотуу үчүн шарт түзгөн физикалык-химиялык касиетке ээ зат.

40 **өрт өчүрүүчү концентрация:** Күйүүнү күчөтпөй турган чөйрө түзүүчү өрт өчүрүүчү заттын көлөмүнүн концентрациясы.

41 **чачыраткыч:** Сууну жана/же суу аралашмаларын чачыратуу, же бүркүү үчүн түзүлүш.

42 **негизги суу берүүчү:** Ченемделген убакыттын ичинде суунун жана/же суу аралашмаларын эсептелген сарпталышы жана басымы менен өрт өчүрүү түзүлүшүнүн ишин камсыз кылган суу берүүчү.

43 **жайдын герметикалуу эместигинин параметри:** Корголуп жаткан жайдын герметикалуу эместигин сандык түрдө мүнөздөгөн жана туруктуу ачык турган тешик жерлердин жалпы аянтынын корголуп жаткан жайдын көлөмүнө карата катышы катары аныкталган чоңдук.

44 **жабдуучу түтүк:** Башкаруу түйүнүн таратуучу түтүктөр менен байланыштыруучу түтүк.

45 **козгоочу тутум:** Суу, же суу аралашмасы толтурулган, аба менен кысылган түтүк, жылуулук бекитмеси менен зым аркан, же өрт өчүргүч дренчердик түзүлүштү автоматтык түрдө же аралыктан иштетүүгө арналган өрт өчүрүү сигналын берүүчү түзүлүш, ошондой эле газ, же күкүм өрт өчүргүч түзүлүштөрү.

46 **жеткирүүчү түтүк:** Өрт өчүрүүчү заттын булагын башкаруу түйүндөрү менен туташтырган түтүк.

47 **өрт өчүрүүнү билдирүү:** Өрт тууралуу сигнал берүүнү пайда кылуучу түзүлүш.

48 **жалын тууралуу өрт өчүрүү билдиргич:** Электромагниттик жалын нурлануусуна, же күйүп жаткан өрттүн очогуна таасир берүүчү түзүлүш.

49 **өрт өчүрүү күзөтү:** Өрт өчүрүү автоматикалык каражаттарынын абалын контролдоо түзүлүштөрү менен жабдылган нөөмөттөгү персоналдын күнү-түнү күзөттө болушу менен объектинин атайын жайы.

**50 өрт сигналын бергич:** Өрт өчүрүү жана/же бекиткич түзүлүштүн иштеши тууралуу сигналды пайда кылуучу түзүлүш.

**51 өрт өчүрүүнү башкаруучу түзүлүш:** Өрт өчүрүүчү автоматтык каражаттарды башкаруу сигналдарын түзүүгө, алардын абалын контролдоого, жарык жана үн бергичтерди, ошондой эле ар кандай маалыматтык такталар жана мнемосхемаларды башкаруу үчүн арналган түзүлүш.

**52 өрт өчүрүүнү кабыл алуу-контролдоочу түзүлүш:** Өрт тууралуу билдирүүчү сигналдарды кабыл алууга, активдүү өрт өчүрүүчү билдиргичтерге электр берүүнү камсыздоочу (ток менен иштеген), жарык жана үн менен билдиргичтерге жана борборлоштурулган байкоо пульттарына маалымат берүүгө, ошондой эле өрт өчүрүүнү башкаруу түзүлүшүн иштетүүнү баштоо импульсун түзүүгө арналган түзүлүш.

**53 өрт өчүрүүнү кабыл алуу – контролдоо жана башкаруу түзүлүшү:** Өзүндө өрт өчүрүүнү кабыл алуу – контролдоочу жана өрт өчүрүүнү башкаруу милдеттерин айкалыштырган түзүлүш.

**54 таратуучу түтүк:** Корголуучу аймакта өрттү өчүрүүчү затты таратуу үчүн чачыраткычтар (насадка) орнотулган түтүк.

**55 таратуучу түзүлүш:** Түтүккө орнотулган жана белгилүү магистралдык өткөрмө түтүккө газдуу өрт өчүрүүчү затты коё берүүнү камсыз кылган бекитмелүү түзүлүш.

**56 өрт өчүрүүчү заттын эсептелген саны:** Ченемдик документтерге ылайык аныкталган жана өрт өчүргүч орнотмодо сакталган, өрт чыккан учурда токтоосуз түрдө колдонууга даяр турган өрт өчүрүүчү заттын саны.

**57 өрт өчүрүүчү заттын резерви:** Кайрадан өрт чыккан, же өрт өчүргүч орнотмо өз ишин аткарбай калган учурларда токтоосуз түрдө колдонууга даяр турган өрт өчүргүч заттын талап кылынган саны.

**58 өрт өчүрүүнү кол менен билдиргич:** Өрт сигналын берүү жана өрт өчүрүү тутумдарында өрт коркунучу сигналын кол менен иштетүүгө арналган түзүлүш.

**59 өрт өчүрүү сигналын берүү тутуму:** Бир объектиде орнотулган жана жалпы өрт өчүрүү күзөтүнөн контролдонгон өрт өчүрүү сигнал бергич орнотмолорунун жыйындысы.

**60 туташтыруучу чубалгылар:** Өрт өчүрүү сигнал бергич тутумунун компоненттеринин ортосунда туташтырууну камсыз кылган зымдар жана кабелдер.

**61 спринклердик чачыраткыч:** Жылуулук бекиткичинин иштешинде ачылган бекитме чыгуу көзөнөк түзүлүшү бар чачыраткыч.

62 **спринклердик суу толтурулган өрт өчүргүч орнотмо:** Спринкледүү өрт өчүргүч орнотмо – бардык суу толтурулган өткөрмө түтүктөр (суу аралашмасы).

63 **спринклердик аба өрт өчүргүч орнотмо:** Суу толтурулган (суу аралашмасы), калганы кысылган аба менен толтурулган жеткирүүчү өткөрмө түтүк спринклердүү өрт өчүргүч орнотмо.

64 **спринклердик өрт өчүргүч орнотмо:** Спринклердүү чачыраткычтар менен жабдылган автоматтык өрт өчүргүч орнотмо.

65 **өрт өчүргүч станция:** Атайын жайда жайгашкан өрт өчүргүч орнотмонун идиштери жана жабдуулары.

66 **жайдын герметикалуу эместигинин деңгээли:** Туруктуу ачык турган тешик жерлердин жалпы аянтынын жайдын мейкиндигинин жалпы аянтына карата пайыз менен белгиленген катышы.

67 **жылуулук бекиткич:** Температуранын белгилүү бир таасиринде ачылган бекитмелүү термо-сезгич элемент.

68 **өрт жылуулук билдиргичи:** Температуранын белгилүү бир өлчөмүнө жана/же анын жогорулоо ылдамдыгына таасир берүүчү өрт өчүрүү билдиргичи.

69 **суунун майда чачыранды (факел) агымы:** Суу агымдарынын тамчыга бөлүнүшүнүн натыйжасында пайда болгон суу, анын орточо арифметикалык диаметри  150 м км жана андан аз.

70 **чакан көлөмдөгү өрт билдиргичи (түтүн, жылуулук):** Чакан аймакта өрткө таасир берүүчү өрт билдиргичи.

71 **башкаруу түйүнү:** Суу жана көбүк менен өрт өчүрүү орнотмосунун жеткирүүчү жана берүүчү өткөрмө түтүк арматурасы жана өлчөө түзүлүшүнүн ортосунда жайгашкан бекитме жана иштешин тездеткичи (азайтуу) менен сигнал берүүчү жана аларды иштетүүгө жана иштөө жөндөмүн контролдоого багытталган түзүлүштөрдүн жыйындысы.

72 **көлөмү боюнча локалдык өрт өчүрүү орнотмосу:** Жайдын көлөмү боюнча бөлүгүнө жана/же өзүнчө технологиялык бирдикке таасир берүүчү көлөмдүү өрт өчүргүчтү орнотуу.

73 **тегиздик боюнча локалдык өрт өчүрүү орнотмосу:** Аянттын тегиздиги боюнча бөлүгүнө жана/же өзүнчө технологиялык бирдикке таасир берүүчү тегиздик өрт өчүргүчтү орнотуу.

74 **көлөмдүү өрт өчүргүч орнотмосу:** Корголуп жаткан жайдын (курулманын) көлөмү боюнча күйүүнү токтотуучу чөйрөнү түзүү үчүн өрт өчүргүч орнотмосу.

75 **тегиздик боюнча өрт өчүргүчтү орнотмосу:** Күйүп жаткан тегиздикке таасир берүүчү өрт өчүргүч орнотмосу.

**76 өрт сигнал бергич орнотмосу:** Өрттү табуу, иштеп чыгуу, өрт тууралуу билдирүүнү берилген түрдө жеткирүү, өрт өчүргүч автоматтык орнотмолордун жана техникалык түзүлүштөрдүн иштеши үчүн атайын маалыматты жана/же команданы берүүгө багытталган техникалык каражаттардын жыйындысы.

**77 өрт өчүргүч орнотмосу:** Өрт өчүргүч заттын чыгуусунун натыйжасында өрттү өчүрүү үчүн стационардык жана техникалык каражаттардын жыйындысы.

**78 газ менен өрт өчүргүчтү борборлоштурулган орнотмосу:** Газ баллондору өрт өчүрүү станциясынын жайында жайгаштырылган газ менен өрт өчүргүч орнотмосу.

**79 өрт сигнал бергичинин шлейфи:** Өрт билдиргичтеринен баштап таратуучу кутуга, же кабыл алуу-контролдоо түзүлүшүнө чейин орнотулган туташтыруучу чубалгылар.

# 4 Жалпы жоболор

4.1 Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолору ушул тармакта колдонулуучу ченемдик документтерди, ошондой эле корголуучу имараттардын, жайлардын жана курулмалардын курулуш өзгөчөлүктөрүн, өндүрүштүн технологиялык процессинин мүнөзүнө жараша өрт өчүрүүчү заттарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн жана шарттарын эске алуу менен долбоорлонууга тийиш.

Эгерде бул жарылуучу атмосфераны түзбөсө, С классындагы өрттү өчүрүү мүмкүн.

Документтерде аларды чагылдыруу үчүн колдонулуучу өрт өчүрүү орнотмолорунун жана өрт сигнализациясынын шарттуу графикалык белгилери МАМСТ 28130 талаптарына жооп берүүгө тийиш

4.2 Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолору ошол эле учурда автоматтык өрт сигнализациясынын функцияларын да аткарышы керек.

4.3 Өрт өчүрүү орнотмосунун тиби, өчүрүү ыкмасы, өрт өчүрүүчү зат өрт коркунучун жана чыгарылуучу, сакталуучу жана колдонулуучу заттар менен материалдардын физикалык-химиялык касиеттерин, ошондой эле корголуучу жабдуулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен долбоорлоочу уюм тарабынан аныкталат.

4.4 Ченем боюнча өрт сигнализациясы гана талап кылынган имараттарда жана курулмаларда өзүнчө жайлары бар өрт өчүрүү орнотмолорун орнотууда анын ордуна техникалык-экономикалык негиздемени эске алуу менен бул жайларды өрт өчүрүү орнотмолору менен коргоону караштырууга жол берилет. Мындай учурда

өрт өчүрүүчү затты берүүнүн интенсивдүүлүгү ченемдүү болушу керек, ал эми чыгымы айткандай болбошу керек.

4.5 Өрт өчүрүү орнотмосу ишке кирген учурда технологиялык регламентке же ушул эрежелердин талаптарына ылайык корголуучу жайда технологиялык жабдууларды өчүрүү сигналын берүү каралууга тийиш.

**Өрт өчүрүү жана сигнализация тутумдарын долбоорлоо боюнча тапшырмаларды иштеп чыгуу, макулдашуу жана бекитүү тартиби**

4.6 Имараттардын жана курулмалардын автоматтык өрт өчүрүү жана сигнализация тутумдарын орнотуу долбоорлоо тапшырмасы менен аныкталат.

4.7 Долбоорлоого тапшырма долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу үчүн милдеттүү документ болуп саналат.

4.8 Долбоорлоого тапшырманы иштеп чыгуучу уюмду тартуу менен тапшырыкчы уюм түзөт.

4.9 Долбоорлоого тапшырма иштеп чыгуучу уюмдун жетекчилиги менен макулдашылат жана тапшырыкчы уюмдун жетекчилиги тарабынан бекитилет.

4.10 Долбоорлоо тапшырмасын макулдашкан жана бекиткен кызмат адамдарынын кол тамгасы  мөөр менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

4.11 Долбоордук тапшырмага өзгөртүүлөр жана тактоолор өзгөртүү киргизүүгө уруксаттын негизинде жүргүзүлөт.

4.12 Долбоордук тапшырма МАМСТ 2.105 боюнча тексттик документтерге коюлган жалпы талаптарга ылайык МАМСТ 2.301 боюнча форматтарда түзүлүшү керек.

4.13 Долбоорлоо тапшырмасы көчүрмөлөрдү бир нече жолу алуу үчүн жарактуу болууга тийиш.

4.14 Баштапкы долбоорлоо тапшырмасын эсепке алуу жана сактоо КМС МАМСТ Р 21.1003 тарабынан белгиленген тартипте долбоорду иштеп чыгуучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылат.

4.15 Долбоорлоо тапшырмасы төмөнкү бөлүктөрдү камтышы керек:

1) жалпы маалымат;

2) долбоорлонгон тутумга карата техникалык талаптар;

3) долбоорло үчүн баштапкы маалыматтар;

4) сметалык документтерди түзүү үчүн маалыматтар;

5) иштеп чыгуучу уюм тарабынан тапшырыкчы уюмга берилген документтердин тизмеси.

Мамлекеттик ченемдерге, эрежелерге, стандарттарга жана долбоорлоого тапшырмага ылайык иштелип чыккан долбоорлоо-сметалык документтер жооптуу аткаруучунун (долбоордун башкы инженеринин) тиешелүү жазуусу менен

күбөлөндүрүлүүгө тийиш жана жана Кыргыз Республикасынын «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Мыйзамына ылайык белгиленген тартипте долбоордук документтерге экспертизадан өтүүгө тийиш.

Мамлекеттик өрт көзөмөлү органдарынын өрт өчүрүүнүн автоматтык тутумдарынын (орнотмолорунун) жана автоматтык өрт сигнализациясынын (орнотмолорунун) долбоордук документтерине корутундусу төмөнкү учурларда гана берилет:

- өрт коопсуздугунун маселелерине тиешелүү мамлекеттик стандарттардан, ченемдерден, долбоорлоо эрежелеринен (мындан ары – ченемдер) четтөөлөрдүн болушу;
- белгиленген тартипте бекитилген долбоорлоо ченемдеринин жоктугу;
- долбоордук документтерди иштеп чыгууда жана өрт өчүрүүнүн автоматтык тутумдарын (орнотмолорунун) жана өрт сигнализациясынын автоматтык тутумдарынын (орнотмолорунун) жабдууларын чет өлкөлүк фирмалар менен жеткирүүдө.

## 5 Суу, аз жана орто эселенген көбүк менен өрт өчүрүүчү орнотмолор

5.1 Суу жана көбүк менен өрт өчүрүү орнотмолорун аткаруу стандарттардын жана белгиленген тартипте бекитилген башка ченемдик документтердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

5.2 Өрт өчүрүү орнотмолорунун параметрлерин А тиркемесине жана 5.1-5.3-таблицаларга ылайык аныктоо керек.

5.3 Суу, аз эселенген көбүк, ошондой эле нымдуу суу менен өрт өчүрүүчү орнотмолор спринклердик жана дренчердик болуп бөлүнөт.

5.4 Өрт өчүрүүчү зат катары кошулмасы бар суу пайдаланылган орнотмолордун чыгымдалышын эсептөө аянты жана иштөө убактысы 5.1-таблица боюнча суу менен өрт өчүрүүчү орнотмолорго окшош аныкталат.

5.5 Ачык изоляцияланбаган ток өткөрүүчү бөлүктөрү бар, чыңалуудагы орнотмолору бар жайлар үчүн суу жана көбүк менен өрт өчүрүүдө өрт өчүрүүчү заттар өрт очогуна берилгенге чейин электр энергиясын автоматтык түрдө өчүрүү каралышы керек.

5.6 Технологиялык жабдуулары жана аянттары бар, туурасы же кесилишинин диаметри 0,75 м жогору, полдун тегиздигинен 0,7 м кем эмес бийиктикте жайгашкан желдетүүчү кутучалар туурасынан же жантык орнотулган жайларда өрт өчүрүү орнотмолорун орнотууда, эгерде алар корголуучу жерди өчүрүүгө тоскоолдук кылышса, аянтчалардын, жабдуулардын жана кутучалардын астына

козгогуч тутуму бар спринклердик же дренчердик чачкычтарды кошумча орнотуу керек.

5.7 Чачкычтарды 5.1-таблицанын талаптарына ылайык жана алардын мүнөздөмөлөрүн жана суу чачу карталарын эске алуу менен орнотулушу керек.

5.8 Өрт өчүрүү орнотмолорунда колдонулуучу бекиткич арматуранын (тээктин) тиби анын абалына визуалдык контролду камсыз кылууга тийиш («жабык», «ачык»). Бекиткич арматуранын абалын контролдоочу датчиктерди колдонууга жол берилет.

5.1 – т а б л и ц а

| Жайлардын тобу | Суу чачуу интенсивдүүлүгү, л/(с·м$^2$), кем эмес | | Бир чачыраткыч спринклер же түртку берүүчү тутумдун жылуулук кулпусу тарабынан башкарылуучу максималдуу аянт, м$^2$ | Суунун, көбүк эритмесинин чыгымын эсептөө аянты, м$^2$ | Суу менен өрт өчүрүү орнотмолорунун иштөө узактыгы, мүн. | Спринклердик чачкычтардын же эритүүчү кулпулардын ортосундагы максималдуу аралык, м |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | суу менен | көбүк чыгаруучу эритме | | | | |
| 1 | 0,08 | - | 12 | 120 | 30 | 4 |
| 2 | 0,12 | 0,08 | 12 | 240 | 60 | 4 |
| 3 | 0,24 | 0,12 | 12 | 240 | 60 | 4 |
| 4.1 | 0,3 | 0,15 | 12 | 360 | 60 | 4 |
| 4.2 | - | 0,17 | 9 | 360 | 60 | 3 |
| 5 | 5.2 – таблица боюнча | | 9 | 180 | 60 | 3 |
| 6 | Ошол эле | | 9 | 180 | 60 | 3 |
| 7 | - “ - | | 9 | 180 | - | 3 |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Жайлардын топтору А тиркемесинде келтирилген.

2 Жайларды дренчердик орнотмолору менен жабдууда суунун агымын эсептөө үчүн аянт, көбүк чыгаруучуу эритме жана ошол эле учурда иштеген секциялардын саны технологиялык талаптарга жараша аныкталышы керек.

3 Төмөнкү жана орто эселенген көбүктөр менен өрт өчүрүүчү көбүк орнотмолорунун иштөө узактыгын төмөнкүдөй кабыл алуу керек:

15 мүн – жарылуу-өрт коркунучу боюнча А, Б, В1 категорияларындагы жайлар үчүн;

10 мүн – өрт коркунучу боюнча В2, В3 категорияларындагы жайлар үчүн.

4 Жалпы арналыштагы көбүк пайда кылуучу заттын негизинде нымдагычы кошулган суу өчүрүүчү каражат катары пайдаланылган өрт өчүрүүчү орнотмолор үчүн суу чачуунун интенсивдүүлүгү суу өчүрүүчү орнотмолорго караганда 1,5 эсе аз.

5 Спринклердик орнотмолор үчүн суу чачуунун интенсивдүүлүгүнүн мааниси жана суунун жана көбүк пайда кылуучу эритменин чыгымдалышын эсептөө үчүн аянт бийиктиги 10 мге чейинки жайлар үчүн, ошондой эле чырактардын аянтынын 10% ашпаган суммалык аянты болгон чырак жайлары үчүн келтирилген. Чырактардын аянты 10% дан ашкан чырак жайынын бийиктиги чырак жабылганга чейин кабыл алынышы керек. Бийиктиги 10 метрден 20 метрге чейинки жайлар үчүн орнотмолордун көрсөтүлгөн параметрлерин 5.3-таблица боюнча кабыл алуу керек.

6 Таблицада жалпы максаттагы көбүк чыгаруучу эритме менен суу чачуунун интенсивдүүлүгү көрсөтүлгөн.

7 Эгерде суу жана көбүк менен өрт өчүрүүчү орнотмолор менен корголуучу аянт 5.1-таблицада көрсөтүлгөн суунун сарпталышын эсептөө үчүн аянттан аз болсо, өрт өчүрүү орнотмосу үчүн суунун же көбүк пайда кылуучу эритменин чыгымдалышы иш жүзүндөгү аянтка жараша аныкталат.

5.2 – т а б л и ц а

| Сактоо бийиктиги, м | Жайлар тобу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 5 | | 6 | | 7 | |
| | Суу чачуунун интенсивдүүлүгү, л/(см$^2$), кем эмес | | | | | |
| | Суу менен | Көбүк жаратуучу эритме м-н | Суу менен | Көбүк жаратуучу эритме м-н | Суу менен | Көбүк жаратуучу эритме м-н |
| 1 чейин | 0,08 | 0,04 | 0,16 | 0,08 | - | 0,1 |
| 1 жог. 2 чей. | 0,16 | 0,08 | 0,32 | 0,2 | - | 0,2 |
| 2 жог. 3 чей. | 0,24 | 0,12 | 0,4 | 0,24 | - | 0,3 |
| 3 жог. 4 чей. | 0,32 | 0,16 | 0,4 | 0,32 | - | 0,4 |
| 4 жог. 5,5 чей. | 0,4 | 0,32 | 0,5 | 0,4 | - | 0,4 |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Жайлардын топтору А тиркемесинде келтирилген.

2 6-группада каучук, резина буюмдары, каучук жана чайырларды өчүрүүнү нымдоочу агент же аз кеңейүүчү көбүк менен суу менен жасоо сунушталат.

3 Кампасынын бийиктиги 5,5 мге чейин жана жайдын бийиктиги 10 метрден ашкан кампалар үчүн интенсивдүүлүктүн жана аянттын мааниси 5-7-топтор боюнча суунун жана көбүк жаратуучу эритменин чыгымын эсептөө үчүн 10% эсебинде жайдын бийиктигинин ар бир 2 метр бийиктигин көбөйтүлүшү керек.

4 Таблицада жалпы максаттагы көбүк жаратуучу эритме менен чачуунун интенсивдүүлүгү көрсөтүлгөн.

**Спринклердик орнотмолор**

5.9 Жайдагы абанын температурасына жараша суу жана көбүк менен өрт өчүрүүчү спринклер орнотмолору долбоорлонууга тийиш:

**суу толтурулган** – абанын минималдуу температурасы 5°С жана андан жогору болгон жайлар үчүн;

**аба аркылуу** – минималдуу температурасы 5°С төмөн имараттардын жылытылбаган жайлары үчүн.

5.10 Спринклердик орнотмолорду имараттардын жана курулмалардын каптоолорунун конструкциялык элементтерин коргоо үчүн арналган орнотмолорду кошпогондо, бийиктиги 20 метрден ашпаган жайлар үчүн долбоорлоо керек. Акыркы учурда бийиктиги 20 метрден ашкан жайлар үчүн орнотмолордун параметрлерин жайлардын 1-тобу боюнча кабыл алуу керек (5.1-таблицаны караңыз).

5.11 Чачкычтын бир секциясы үчүн бардык түрдөгү 800дөн ашык спринклер кабыл алынбашы керек. Мында аба орнотмолорунун ар бир секциясынын түтүктөрүнүн жалпы сыйымдуулугу 3,0 м$^3$ ашпоого тийиш.

Чачкыч орнотмосунун ар бир секциясында көз карандысыз башкаруу түйүнү болушу керек.

5.3 – т а б л и ц а

| Жайдын бийиктиги, м | Жайлардын тобу | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | | 3 | | 4.1 | | 4.2 | | 1 | 2 | 3 | 4.1 | 4 |
| | Суу чачу интенсивдүүлүгү, л/(см$^2$) кем эмес | | | | | | | | | Суунун, көбүк эритмесинин чыгымын эсептөө аянты, м$^2$ | | | | |
| | Суу менен | Суу менен | Көбүк чыкчу эритме менен | Суу менен | Көбүк чыкчу эритме менен | Суу менен | Көбүк чыкчу эритме менен | Суу менен | Көбүк чыкчу эритме менен | | | | | |
| 10дон 12 чейин | 0,09 | 0,13 | 0,09 | 0,26 | 0,13 | 0,33 | 0,17 | - | 0,20 | 132 | 264 | 264 | 396 | 475 |
| 12 жогору 14 чейин | 0,1 | 0,14 | 0,1 | 0,29 | 0,14 | 0,36 | 0,18 | - | 0,22 | 144 | 288 | 288 | 432 | 518 |
| 14 жогору 16 чейин | 0,11 | 0,16 | 0,11 | 0,31 | 0,16 | 0,39 | 0,2 | - | 0,25 | 156 | 312 | 312 | 460 | 552 |
| 16 жогору 18 чейин | 0,12 | 0,17 | 0,12 | 0,34 | 0,17 | 0,42 | 0,21 | - | 0,27 | 166 | 336 | 336 | 504 | 605 |
| 18 жогору 20 чейин | 0,13 | 0,18 | 0,13 | 0,36 | 0,18 | 0,45 | 0,23 | - | 0,30 | 180 | 360 | 360 | 540 | 650 |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Жайлардын топтору А тиркемесинде келтирилген.

2 Таблицада жалпы максаттагы көбүк эритмеси менен сугаруунун интенсивдүүлүгү көрсөтүлгөн.

Акселератордун башкаруу түйүнүн колдонууда аба орнотмолорунун түтүктөрүнүн сыйымдуулугу 4,0 $м^3$ чейин көбөйтүлүшү мүмкүн.

Имараттын бир нече жайларын, кабаттарын бир спринклердик секциясы менен коргоодо күйүүнүн дарегин тактоочу сигнал берүү, ошондой эле кабарлоо жана түтүндөн коргоо тутумдарын иштетүү үчүн суюктуктун агымынын сигнализациясын кошпогондоазыктандыруучу түтүктөргө шакекче орнотууга жол берилет.

Суюктук агымынын сигнализациясынын алдына 5.8-пункттун талаптарын канааттандырган бекиткич арматураны орнотууга жол берилет.

5.12 Өрт коркунучунун К0 жана К1 классындагы устундуу жабуулары бар, бийиктиги 0,32 мден ашкан бөлүктөрү чыгып турган, ал эми калган учурларда – 0,2 мден ашкан имараттарда спринклерлерди устундардын, плиталардын капталдарынын жана жабуунун башка чыгып турган элементтеринин ортосуна полго чачуунун бирдейлигин камсыз кылууну эске алуу менен орнотуу керек

5.13 Спринклердик чачкычтын розеткасынан полдун (каптоо) тегиздигине чейинки аралык 0,08 ден 0,4 мге чейин болушу керек.

Анын огуна карата горизонталдуу орнотулган спринклердик чачыраткычтан шыптын тегиздигине чейинки аралык 0,07ден 0,15 мге чейин болушу керек.

Чачкычтарды же асма шыптардын оюкчасына жашыруун орнотууга жол берилет.

5.14 К0 өрт коркунучу классындагы каптоолордо жана 0,8 метрден көп эмес калган учурларда эңкейиши 1/3 тен көп болгон бир тепкичтүү жана эки капталдуу жабуулары бар имараттарда спринклердик чачыраткычтан дубалга чейин жана спринклердик чачыраткычтан жабуунун учуна чейин горизонтал боюнча аралык 1,5 метрден ашпоого тийиш.

5.15 Механикалык бузулуу коркунучу бар жерлерде спринклердик чачкычтар атайын коргоочу торлор менен корголушу керек.

5.16 Суу толтурулган орнотмолордун спринклер чачкычтары тигинен өйдө, ылдый же горизонталдуу, ал эми аба орнотмолорунда тигинен өйдө же туурасынан орнотулушу керек.

5.17 Орнотмолордун спринклердик чачкычтары айлана-чөйрөнүн температурасын жана алардын иштөө температурасын эске алуу менен жайларда же жабдууларда орнотулушу керек.

5.18 Корголгон бир бөлмөнүн ичинде бирдей диаметрдеги коё берүүчү тешиги менен спринклердик чачкычтарды орнотуу керек.

5.4 – т а б л и ц а

| Айлана-чөйрөнүн температурасы, °С | Иштетүү температурасы, °С |
|---|---|
| 38ге чейин | 57 |
| 39дан 50гө чейин | 68-79 |
| 51ден 70ке чейин | 93 |
| 71ден 100гө чейин | 141 |
| 101ден 140ка чейин | 182 |
| 141ден 200гө чейин | 240 |
| 201ден 220га чейин | 260 |
| 221ден 300гө чейин | 343 |

5.19 Өрт коркунучу К1 классындагы спринклердик чачыраткычтар менен дубалдардын (тосмолордун) ортосундагы аралык 5.1-таблицада көрсөтүлгөн спринклердик чачыраткычтардын ортосундагы аралыктын жарымынан ашпоого тийиш.

Спринклердик чачыраткычтар менен өрт коркунучунун нормаланбаган классындагы дубалдардын (тосмолордун) ортосундагы аралык 1,2 метрден ашпоого тийиш.

Жылмакай каптоолордун (жабуулардын) алдында орнотулуучу суу менен өрт өчүрүү орнотмолорунун спринклердик чачкычтарынын ортосундагы аралык 1,5 метрден кем болбоого тийиш.

**Дренчердик орнотмолор**

5.20 Дренчердик орнотмолорду автоматтык түрдө күйгүзүү техникалык каражаттардын бир түрүнүн сигналдары боюнча ишке ашырылышы керек:

таасир этүүчү тутум;

өрт сигнализациясынын орнотмолору;

технологиялык жабдуулардын датчиктери.

5.21 Суу же көбүк эритмеси менен толтурулган дренчердик орнотмолордун түрткү берүүчү түтүктөрү камсыздоо түтүгүндөгү клапанга салыштырмалуу 1/4 туруктуу басымдан (метр менен) ашпаган бийиктикте же техникалык документтерге ылайык башкаруу түйүнүндө колдонулган клапан орнотулушу керек.

5.22 Бир нече функционалдык байланышкан дренчердик далдоо үчүн бир башкаруу түйүнүн кароого жол берилет.

5.23 Дренчердик далдоону кошуу автоматтык түрдө же кол менен (аралыкта же орду боюнча) жасалышы керек.

5.24 Дренчердик далдоолордун чачкычтарынын ортосундагы аралыкты суунун агымынын же 1,0 л/с көбүк эритмесинин ачылышынын туурасынын 1 м эсептөө менен аныктоо керек.

5.25 Түрткү берүүчү тутумдун жылуулук кулпусунан полдун (жабуунун) тегиздигине чейинки аралык 0,08 ден 0,4 мге чейин болушу керек.

5.26 Өрт өчүрүүдө бөлмө көбүк менен толтурулганда корголуучу жабдуунун эң бийик чекитинен 1 метрден кем эмес бийиктикке чейин каралышы керек.

Корголуучу жайдын жалпы көлөмүн аныктоодо имараттагы жабдуунун көлөмүн корголуучу жайдын көлөмүнөн чыгарып салууга болбойт.

**Түтүк орнотмолору**

5.27 Түтүк өткөргүчтөрдү МАМСТ 10704 боюнча ширетилген жана фланецтүү бириктирүүлөр менен, МАМСТ 3262 боюнча ширетилген, фланецтүү, сайлуу бириктирүүлөр менен, ошондой эле ажыратылуучу түтүк муфталары менен болот түтүктөрдөн долбоорлоо керек. Бөлүнгөн түтүк муфталары диаметри 200 мм ашпаган түтүктөр үчүн колдонулушу мүмкүн.

Туруктуу асма шыптардын артына түтүктөрдү төшөөдө, жабык оюктарга жана ушул сыяктуу учурларда аларды орнотуу ширетүү жолу менен гана жүргүзүлүүгө тийиш.

Суу толтурулган спринклердик орнотмолордо Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен тиешелүү сыноодон жана макулдашуудан өткөн пластик түтүктөрдү колдонууга жол берилет. Мында мындай орнотмолорду долбоорлоо ар бир конкреттүү объект үчүн иштелип чыгуучу техникалык шарттар боюнча ишке ашырылууга тийиш.

5.28 Жеткирүү түтүк өткөргүчтөрдү (тышкы жана ички) жалпысынан шакекче менен жасалышы керек. Жеткирүү түтүк өткөргүчтөрдү үч же андан аз башкаруу түйүндөрү үчүн туюк түтүк менен долбоорлоого жол берилет, мында сырткы туюк түтүк өткөргүчтүн узундугу 200 метрден ашпоого тийиш.

5.29 Шакекче суу берүүчү түтүк өткөргүчтөр (тышкы жана ички) тээк менен оңдоо участокторуна бөлүнүшү керек; бир участоктогу башкаруу түйүндөрүнүн саны үчтөн ашпоого тийиш. Түтүктөрдү гидравликалык эсептөөдө шакекче тармактардын оңдоо участокторун өчүрүү эсепке алынбайт, мында шакекче түтүк өткөргүчтүн диаметри башкаруу түйүндөрүнө жеткирүүчү түтүк өткөргүчтүн диаметринен кем болбоого тийиш.

5.30 Суу менен өрт өчүрүүчү орнотмолордун суу берүүчү түтүктөрү (тышкы) жана өрткө каршы, өндүрүштүк же чарбалык – ичүүчү суу түтүктөрүнүн түтүктөрү эреже катары жалпы болушу мүмкүн.

5.31 Өрт өчүрүү орнотмолорун азыктандыруучу түтүк өткөргүчтөргө өндүрүштүк, санитардык-техникалык жабдууларды кошууга жол берилбейт.

5.32 Диаметри 65 мм жана андан жогору болгон азыктандыруучу түтүк өткөргүчтөрдөгү спринклердик суу толтурулган орнотмолордо КЧжЭ 2.04.01 боюнча өрт крандарын орнотууга жол берилет.

5.33 Спринклердик орнотмонун түтүктөрүнө туташтырылган ички өрт крандарын жайгаштыруу КЧжЭ 2.04.01 ылайык долбоорлонууга тийиш.

5.34 12 же андан көп өрт өчүрүүчү крандары бар спринклердик орнотомунун секциясына эки кирүүчү болушу керек. Эки секциясы бар жана андан көп спринклердик орнотмолор үчүн тээк менен экинчи киргизүүнү жанаша секциядан жасоого уруксат берилет. Мында башкаруу түйүндөрүнүн үстүндө кол менен иштетүүчү бекиткичти орнотуу каралышы керек, ал эми берүүчү өткөргүч шакектелиши керек жана башкаруунун бул түйүндөрүнүн ортосунда бөлүүчү бекиткич орнотулат.

5.35 Орнотмолордун бөлүштүрүүчү түтүктөрүнүн бир бутагына, эреже катары, чыгуучу тешигинин диаметри 12 ммге чейинки алтыдан ашпаган жана чыгуучу тешигинин диаметри 12 мм ашкан төрттөн ашпаган чачкычтар орнотулушу керек.

5.36 Спринклердик орнотмолордун азыктандыруучу жана бөлүштүрүүчү түтүктөрүнө эшикти жана технологиялык тешиктерге суу чачуу үчүн дренчердик далдоолорду, ал эми азыктандыруучу өткөрмөлөргө – кошуу үчүн түрткү берүүчү тутуму бар дренчерлерди кошууга жол берилет.

5.37 Дренчердик орнотмонун таасир этүүчү түтүк өткөрмөсүнүн диаметри 15 мм кем эмес болууга тийиш.

5.38 Туюк жана шакекче азыктандыруучу түтүк өткөргүчтөр шарттуу өтмөктүн диаметри 50 мм кем эмес жуугуч крандар же өчүргүч менен жабдылууга тийиш.

Туюк түтүктөрдө кран же сайгыч участоктун аягына, шакекчеде башкаруу түйүнүнөн эң алыс жайгашкан жерде орнотулат.

5.39 5.11, 5.32, 5.34, 5.36, 5.38-пункттарда каралган учурларды кошпогондо, кубаттоочу жана бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтөргө бекитүүчү клапандарды орнотууга жол берилбейт.

Спринклердик орнотмолордун түтүк тармагынын жогорку чекиттерине тыгын крандарын аба чыгаруучу түзүлүш катары орнотууга жана эң алыскы жана бийик жайгашкан чачыраткычтын алдына басымды көзөмөлдөө үчүн манометрдин астына кран орнотууга уруксат берилет.

5.40 Аба спринклердик орнотмолорун кубаттоочу жана бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтөрүн башкаруу түйүндөрүнө эңкейтип же ишке киргизүү түзүлүштөрүнө барабар орнотуу керек.

0,01 тышкы диаметри 57 мм кем түтүктөр үчүн (100 метрге - 1м эңкейиш);

0,005 тышкы диаметри 57 мм жана андан ашык түтүктөр үчүн (100 метрге - 0,5м эңкейиш).

5.41 Зарыл болгон учурда орнотмонун кубаттоочу түтүк өткөргүчтөгү басымдын 1,0 МПа жогору болушун болтурбоочу иш-чаралар каралышы керек.

5.42 Суу, аз жана орто эселенген көбүк менен өрт өчүрүү орнотмолорун эсептөө методикасы Б тиркемесинде келтирилген.

**Түтүк өткөргүчтөрдү бекитүү**

5.43 Түтүк өткөргүчтөрдү жана жабдууларды монтаждоо учурунда бекитүү КЧжЭ 3.05.05 талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

5.44 Өткөргүч түтүктөр кармоочуларга имараттын конструкцияларына тикелей бекитилиши керек, мында аларды башка конструкциялар үчүн таяныч катары пайдаланууга жол берилбейт.

5.45 Өткөрмө түтүктөрдү имараттардагы технологиялык түзүлүштөрдүн конструкцияларына өзгөчө тартипте гана бекитүүгө жол берилет. Мында технологиялык түзүлүштөрдүн конструкцияларына жүктөм бекитүү элементтери үчүн эки эсептик өлчөмдөн кем эмес кабыл алынат.

5.46 Түтүк өткөргүчтөрдү бекитүү түйүндөрү 4 метрден ашпаган кадам менен орнотулушу керек, шарттуу өтүүсү 50 ммден ашкан түтүктөр үчүн бекитүү түйүндөрүнүн ортосундагы кадамды 6 метрге чейин көбөйтүүгө жол берилет.

5.47 Узундугу 1 метрден ашкан бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтөгү тирөөчтөр кошумча кармагычтар менен бекитилиши керек. Кармагычтан чачкычка чейинки аралык тирөөчтө 0,15 метрден кем болбоого тийиш.

5.48 Шарттуу өтмөктүн диаметри 25 мм жана андан аз болгон түтүк өткөргүчтөр үчүн бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтүн кармагычтан акыркы чачыраткычка чейинки аралык 0,9 м ашык эмес, ал эми диаметри 25 ммден ашкан түтүктөр үчүн – 1,2 м болушу керек.

5.49 Түтүктөрдү имараттын конструкциясынын гильза жана оюктары аркылуу жайгаштырган учурда, таяныч чекиттеринин ортосундагы аралык кошумча бекиткичтерсиз 6 метрден ашпашы керек.

**Башкаруу түйүндөрү**

5.50 Башкаруу түйүндөрү төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:

сигнализациялардын иштетилгенин текшерүү;

башкаруу түйүндөрүнө чейинки жана кийнки басымды өлчөө.

5.51 башкаруу түйүндөрү насостук станциялардын, өрт постторунун жайларында, абанын температурасы 5°С жана андан жогору болгон жана тейлөөчү персоналдын эркин кирүүсүн камсыз кылуучу корголуучу жайларда жайгаштырылышы керек.

Корголуучу бөлмөдө жайгашкан башкаруу түйүндөрүн бул бөлмөлөрдөн өрткө каршы тосмолор жана отко туруктуулук чеги REI 45 кем эмес жана отко туруктуулук чеги EI 30 төмөн эмес эшиктери менен тосмолор менен бөлүү керек

Корголуучу жайлардын сыртында жайгашкан башкаруу түйүндөрүн айнектелген же торлуу тосмолор менен бөлүп көрсөтүү керек.

5.52 Суу толтурулган спринклердик орнотмолорду башкаруу түйүндөрүндө сигнал берүү жөнүндө жалган сигналдарды болтурбоо үчүн басым сигнализациясынын алдында кармоо камераларын кароого жол берилет.

5.53 Көбүк чачуучу спринклердик орнотмолордун башкаруу түйүндөрүндө далдоолорду башкаруу түйүндөрүнөн жогору орнотууга жол берилет.

**Орнотмолорду суу менен камсыздоо**

5.54 Ар кандай арналыштагы суу түтүктөрүн суу өрт өчүрүүчү орнотмолорду суу менен камсыздоо булагы катары пайдалануу керек. Эгерде суу түтүгүнүн гидравликалык параметрлери (башы, агымы) орнотуунун эсептик параметрлерин камсыз кылбаса, басымды жогорулатуу үчүн насостук станция каралууга тийиш.

мында $K_1$ көбүктүн катышын эске алган коэффициент жайдын бийиктиги 4 мге чейин болгондо 1,2 жана бөлмөнүн бийиктиги 1,5 мге чейин болгондо – 10 мге чейин кабыл алынат, бөлмөнүн бийиктиги 10 мден жогору болгондо эксперимент жолу менен аныкталат;

$K_2$ көбүктүн агып кетишин эске алат, ачык тешиктер жок болгон учурда 1,2ге барабар кабыл алынат, ачык тешиктер болгон учурда эксперименталдык түрдө аныкталат;

$K_3$ – көмүртектүү суюктуктардын күйүү продуктуларынын таасирин эске алуу үчүн түтүн газдарынын таасирин эске алат, өрт жүктөмүнүн башка түрлөрү үчүн коэффициенттин мааниси 1,5ке барабар алынат.

Корголуучу жайдын көлөмүн көбүк менен толтуруунун максималдуу убактысы 10 мүнөттөн ашык эмес болууга тийиш.

В.4 Тутумдун иштеши көбүк эритмеси боюнча аныкталат, м$^3$ · с$^{-1}$:

$$Q = \frac{n \cdot q}{60 \cdot 10^3}, \qquad (В.3)$$

В.5 Техникалык документтер боюнча көбүктүн көлөмдүк концентрациясы эритмеде белгиленет $c$, (%).

В.6 Көбүктүн эсептик саны аныкталат, м$^3$:

$$V_{пен} = c \cdot Q \cdot \tau \cdot 10^{-2} \cdot 60, \qquad (В.4)$$

# Г тиркемеси

## Газ өчүрүүчү заттардын массасын эсептөө үчүн баштапкы маалыматтар

Азот ($N_2$) газынын ченемдик көлөмдүк өрт өчүрүүчү концентрациясы.
P = 101,3 кПа и T = 20 °C учурда газдын тыгыздыгы 1,17 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.1 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 34,6 |
| Этанол | | 36,0 |
| Бензин А-76 | | 33,8 |
| Машина майы | | 27,8 |

Аргон газынын (Ar) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.
P=101,3 кПа и T = 20 °C учурда газдын тыгыздыгы 1,66 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.2 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 39,0 |
| Этанол | | 46,8 |
| Бензин А-76 | | 44,3 |
| Машина майы | | 36,1 |

Көмүр кычкыл газынын ($CO_2$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.
P=101,3 кПа жана T=20°C учурда буунун тыгыздыгы 1,88 кг · м$^{-3}$ түзөт.

Г.3 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 34,9 |
| Этил спирти | МАМСТ 18300 | 35,7 |
| Техникалык ацетон | МАМСТ 2768 | 33,7 |
| Толуол | МАМСТ 5789 | 30,9 |

*Г.3 – таблицанын аягы*

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Изобутил спирти | МАМСТ 6016 | 33,2 |
| Жарыктандыруу керосини КО-25 | ТТ 38.401-58-10 | 32,6 |
| Эритме 646 | МАМСТ 18188 | 32,1 |

Алты фтордуу күкүрттүн ($SF_6$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.

Р = 101,3 кПа жана Т = 20 °С учурда буунун тыгыздыгы 6,474 кг · м$^{-3}$ түзөт.

Г.4 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 10,0 |
| Этанол | МАМСТ 18300 | 14,4 |
| Ацетон | | 10,8 |
| Трансформатор майы | | 7,2 |

Хладон 23 ($CF_3H$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.

Р = 101,3 кПа жана Т = 20 °С учурда буунун тыгыздыгы 2,93 кг · м$^{-3}$ түзөт.

Г.5 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 14,6 |

Хладон 125 ($C_2F_5H$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.

Р = 101,3 кПа жана Т = 20 °С учурда буунун тыгыздыгы 5,208 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.6 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 9,8 |
| Этанол | МАМСТ 18300 | 11,7 |
| Ваакум майы | | 9,5 |

Хладон 218 ($C_3F_8$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.
P = 101,3 кПа жана T = 20 °C учурда буунун тыгыздыгы 7,85 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.7 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 7,2 |
| Толуол | | 5,4 |
| Бензин А-76 | | 6,7 |
| Эритме 647 | | 6,1 |

Хладон 227еа ($C_3F_7H$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.
P = 101,3 кПа жана T = 20 °C учурда буунун тыгыздыгы 7,28 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.8 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 7,2 |
| Толуол | | 6,0 |
| Бензин А-76 | | 7,3 |
| Эритме 647 | | 7,3 |

Хладон 318 Ц ($C_4F_{8ц}$) ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы.
P = 101,3 кПа жана T = 20 °C учурда буунун тыгыздыгы 8,438 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.9 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | МАМСТ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 7,8 |
| Этанол | МАМСТ 18300 | 7,8 |
| Ацетон | | 7,2 |
| Керосин | | 7,2 |
| Толуол | | 5,5 |

“Инерген” газ курамынын ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрациясы [азот ($N_2$) - 52 % (об.); аргон (Ar) - 40 % (об.); көмүртектин кош кычкылы ($CO_2$) - 8 % ].

P = 101,3 кПа жана T = 20 °C учурда буунун тыгыздыгы 1,42 кг·м$^{-3}$ түзөт.

Г.10 – т а б л и ц а

| Күйүүчү материалдын аталышы | ГӨЗ, ТТ, ТС | Ченемдик көлөмдүү өрт өчүрүү концентрациясы, % |
|---|---|---|
| Н-гептан | МАМСТ 25823 | 36,5 |
| Этанол | МАМСТ 18300 | 36,0 |
| Машина майы | | 28,3 |
| Техникалык ацетон | МАМСТ 2768 | 37,2 |

Э с к е р т ү ү – А2 классындагы өрттү өчүрүү үчүн жогоруда аталган газ отунун ченемдик көлөмдүк өрт өчүрүүчү концентрациясын н-гептанды өчүрүү үчүн ченемдик көлөмдүк өрт өчүрүүчү концентрацияга барабар кабыл алуу керек.

Корголуучу объектинин деңиз деңгээлине карата жайгашуусунун бийиктигин эске алган түзөтүү коэффициенти.

Г.11 – т а б л и ц а

| Бийиктиги, м | Түзөтүү коэффициенти $K_3$ |
|---|---|
| 0,0 | 1,00 |
| 300 | 0,96 |
| 600 | 0,93 |
| 900 | 0,89 |
| 1200 | 0,86 |
| 1500 | 0,82 |
| 1800 | 0,78 |
| 2100 | 0,75 |

Корголуучу жайдын көлөмүнө жараша агып кетүү параметринин мааниси

Г.12 – т а б л и ц а

| Агып кетүү параметри, ашык эмес | Корголуучу жайдын көлөмү |
|---|---|
| 0,044 м$^{-1}$ | 10 м$^3$ чейин |
| 0,033 м$^{-1}$ | 10 до 20 м$^3$ баштап |
| 0,028 м$^{-1}$ | 20 до 30 м$^3$ баштап |
| 0,022 м$^{-1}$ | 30 баштап 50 м$^3$ чейин |
| 0,018 м$^{-1}$ | 50 баштап 75 м$^3$ чейин |
| 0,016 м$^{-1}$ | 75 баштап 100 м$^3$ чейин |
| 0,014 м$^{-1}$ | 100 баштап 150 м$^3$ чейин |
| 0,012 м$^{-1}$ | 150 баштап 200 м$^3$ чейин |
| 0,011 м$^{-1}$ | 200 баштап 250 м$^3$ чейин |

*Г.12 – таблицанын аягы*

| Агып кетүү параметри, ашык эмес | Корголуучу жайдын көлөмү |
|---|---|
| 0,010 $м^{-1}$ | 250 баштап 300 $м^3$ чейин |
| 0,009 $м^{-1}$ | 300 баштап 400 $м^3$ чейин |
| 0,008 $м^{-1}$ | 400 баштап 500 $м^3$ чейин |
| 0,007 $м^{-1}$ | 500 баштап 750 $м^3$ чейин |
| 0,006 $м^{-1}$ | 750 баштап 1000 $м^3$ чейин |
| 0,005 $м^{-1}$ | 1000 баштап 1500 $м^3$ чейин |
| 0,0045 $м^{-1}$ | 1500 баштап 2000 $м^3$ чейин |
| 0,0040 $м^{-1}$ | 2000 баштап 2500 $м^3$ чейин |
| 0,0037 $м^{-1}$ | 2500 баштап 3000 $м^3$ чейин |
| 0,0033 $м^{-1}$ | 3000 баштап 4000 $м^3$ чейин |
| 0,0030 $м^{-1}$ | 4000 баштап 5000 $м^3$ чейин |
| 0,0025 $м^{-1}$ | 5000 баштап 7500 $м^3$ чейин |
| 0,0022 $м^{-1}$ | 7500 баштап 10000 $м^3$ чейин |
| 0,001 $м^{-1}$ | 10000 $м^3$ өйдө (ГӨАО үчүн гана) |

## Д тиркемеси

## Көлөмдүү ыкма менен өчүрүүдө газ өчүрүүчү орнотмолор үчүн газ өчүрүүчү заттын массасын эсептөө методикасы

Д.1 Орготмодо сактала турган ГӨЗ $M_г$ эсептөө массасы төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$M_г = K_1 \lfloor M_p + M_{TP} + M_б \cdot n \rfloor, \quad (Д.1)$$

мында $M_p$ – абанын жасалма желдетүүсү жок болгон учурда жайдын көлөмүндө өрт өчүрүүчү концентрацияны түзүүгө арналган ГӨЗ массасы төмөнкү формула боюнча аныкталат:

ГӨЗ үчүн – көмүртектин кош кычкыл газын кошпогондо, суюлтулган газдар

$$M_p = V_p \cdot \rho_1 \cdot (1 + K_2) \cdot \frac{C_H}{100 - C_H}, \quad (Д.2)$$

ГӨЗ үчүн – кысылган газдар жана көмүртектин кош кычкыл газы

$$M_p = V_p \cdot \rho_1 \cdot (1 + K_2) \cdot \ln \frac{100}{100 - C_H}, \quad (Д.3)$$

мында $V_p$ – корголуучу жайдын эсептик көлөмү, м$^3$.

Жайдын эсептелген көлөмү анын ички геометриялык көлөмүн камтыйт, анын ичинде вентиляциянын, кондиционерлердин жана абаны жылытуу тутумдарынын (герметикалык клапандарга же жапкычка чейин) көлөмү кирет. Туташ (өтпөс) курулуш элементтеринин көлөмүн кошпогондо (мамычалар, устундар, жабдуулардын пайдубалдары ж.б.) жайдагы жабдуулардын көлөмү андан чегерилбейт ;

$K_1$ – идиштерден газ өчүрүүчү заттын чыгып кетишин эске алган коэффициент;

$K_2$ – жайдын тешиктери аркылуу газ өчүрүүчү заттын коромжусун эсепке алуучу коэффициент;

$\rho_1$ – минималдуу жайдын температурасы үчүн корголуучу объекттин деңиз деңгээлине салыштырмалуу бийиктигин эске алуу менен газ өчүрүүчү заттын тыгыздыгы $T_M$, кг·м$^{-3}$, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$\rho_1 = \rho_O \cdot \frac{T_O}{T_M} \cdot K_3, \quad (Д.4)$$

мында $\rho_O$ – температурада газ өчүрүүчү заттын буусунун тыгыздыгы $T_O$ = 293 К (20 ºС) жана атмосфера басымы 101,3 кПа;

$T_M$ – корголгон жайдагы абанын минималдуу температурасы, К;

$K_3$ – мааниси Г тиркемесинин Г.11-таблицасында келтирилген деңиз деңгээлине карата объекттин жайгашуусунун бийиктигин эске алуучу түзөтүү коэффициенти;

*Сн* – ченемдик көлөмдүк концентрация, % .

Ченемдик өрт өчүрүүчү концентрациялардын мааниси $C_H$ Г тиркемесинде келтирилген.

Түтүк өткөргүчтөрдөгү ГӨЗ калдыктарынын массасы $M_{TP}$, кг, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$M_{TP} = V_{TP} \cdot \rho_{ГОТВ}, \quad (Д.5)$$

мында $V_{TP}$ – бардык түтүк өткөргүчтөрүн орнотуунун көлөмү, м$^3$;

$\rho_{ГОТВ}$ – корголгон жайга газ өчүрүүчү заттын массасы $M_p$ өтүп кеткенден кийин түтүктө болгон басымдагы ГӨЗ калдыктарынын тыгыздыгы

$M_б \cdot n$ – модулдагы (*М*б) ГӨЗ калдыгыгын өндүрүмү модулга, кг, орнотуудагы модулдардын санына ТД боюнча кабыл алынат $n$ .

Эскертүүлөр

1 Г тиркемесинде келтирилбеген суюк күйүүчү заттар үчүн нормалдуу шарттарда бардык компоненттери газ фазасында турган ГӨЗ ченемдик көлөмдүк өрт өчүрүүчү концентрациясы, көмүртек кош кычкыл газын кошпогондо, бардык ГӨЗ үчүн минималдуу көлөмдүк өрт өчүрүүчү концентрациясынын коопсуздук коэффициентине көбөйтүндүсү катары аныкталышы мүмкүн. $CO_2$ үчүн коопсуздук коэффициенти 1,7 барабар.

2 Нормалдуу шарттарда суюк фазада турган ГӨЗ, ошондой эле нормалдуу шарттарда компоненттеринин бири суюк фазада турган ГӨЗ аралашмалары үчүн ченемдик өрт өчүрүүчү концентрацияны көлөмдүү өрт өчүрүүчү концентрацияны 1,2-коопсуздук коэффициентине көбөйтүү менен аныкталат.

3 Минималдуу көлөмдүк өрт өчүрүүчү концентрацияны жана өрт өчүрүүчү концентрацияны аныктоо методикасы ӨКЧ 51-96 баяндалган.

Д.1.1 Теңдеме коэффициенти (Д.1) төмөнкүдөй аныкталат.

Д.1.1.1 Идиштерден газ өчүрүүчү заттын чыгып кетишин эске алган коэффициент:

$$K_1 = 1{,}05$$

Д.1.1.2 Жайдын тешиктери аркылуу газ өчүрүүчү заттын коромжусун эсепке алуучу коэффициент:

$$K_2 = \Pi \cdot \delta \cdot \tau_{под} \cdot \sqrt{H}, \quad (Д.6)$$

мында $\Pi$ – корголуучу жайдын бийиктиги боюнча тешиктердин жайгашкан жерин эске алган параметр, м$^{0,5}$ ·с$^{-1}$.

Параметрдин сандык мааниси $\Pi$ төмөнкүдөй тандалат:

$П$ = 0,65 - бөлмөнүн төмөнкү (0 - 0,2) $H$ жана жогорку зонасында (0,8 - 1,0) $H$ же ошол эле учурда шыпта жана бөлмөнүн полунда тешиктер жайгашкан учурда, мында төмөнкү жана жогорку бөлүктөрдөгү тешиктердин аянты болжол менен бирдей жана тешиктердин жалпы аянтынын жарымын түзөт;

$П$ = 0,1 – тешиктер корголуучу жайдын жогорку зонасында (0,8 - 1,0) $H$ гана жайгашкан учурда (же шыпта);

$П$ = 0,25 – тешиктер корголуучу жайдын төмөнкү зонасында (0 - 0,2) $H$ гана жайгашкан учурда (же полдо);

$П$ = 0,4 – корголуучу жайдын бийиктиги боюнча жана башка бардык учурларда тешиктердин аянты болжол менен бирдей бөлүштүрүлгөндө;

$$\delta = \frac{\sum F_H}{V_p}$$ – жайдын герметикалык эмес параметри, м$^{-1}$,

мында $\sum F_H$ – тешиктердин жалпы аянты, м$^2$,

$H$ –жайдын бийиктиги, м;

$\tau_{под}$ – ГӨЗ корголуучу жайга берүүнүн ченемдик убактысы, с.

Д.1.1.3 А$_1$ клаасындагы өрттү өчүрүү (7.1-пунктта көрсөтүлгөн күйүп жаткан материалдардан тышкары) 0,001 м$^{-1}$ көп эмес герметикалык эмес параметри бар жайларда ишке ашыруу керек.

А$_1$ классындагы өрттү өчүрүү массы $M_p$ төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$M_p = K_4 \cdot M_{p\text{-}гепт},$$

мында $M_{p\text{-}гепт}$ – н-гептанды өчүрүүдө $C_н$ ченемдүү көлөмдүү концентраци $C_н$ үчүн массанын $M_p$ мааниси төмөнкү формула (Д.2) же  (Д.3) боюнча аныкталат;

$K_4$ – күйүүчү материалдын түрүн эске алуучу коэффициент.

$K_4$ коэффициентинин мааниси бирдей колдонулат: 1,3 – кагазды, гофрленген кагазды, картонду, кездемелерди ж.б. өчүрүү үчүн; 2,25 – иши аяктагандан кийин өрт өчүрүүчүлөрдүн кирүүсү мүмкүн болбогон ушул эле материалдары бар жайлар үчүн $K_4$, мында резервдик каражат мааниси боюнча эсептелет, 1,3 барабар.

$K_4$ дайындаган учурда ГӨЗ негизги каражатын тейлөө убактысы 2,25 барабар, 2,25 эсеге көбөйтүлүшү мүмкүн $A_1$ подклассындагы башка өрттөр үчүн $K_4$ мааниси 1,2 барабар колдонулат.

Андан ары ГӨЗ эсептик массасы формула боюнча эсептелет (Д.1).

ГӨАО иштетилгенден кийин (же өрт өчүрүү бөлүмдөрү келгенге чейин) 20 мүнөттүн ичинде кирүүгө уруксат берилген корголгон жайды ачууга же анын жылчыксыздыгын башка ыкма менен бузууга болбойт.

# Е тиркемеси

## Төмөн басымдагы көмүр кычкыл газын өчүрүүчү орнотмону гидравликалык эсептөө методикасы

Е.1 Көмүр кычкыл газын берүү убактысынын орточо изотермикалык резервуардагы басым $p_m$, МПа, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$p_m = 0{,}5 \cdot (p_1 + p_2), \qquad (Е.1)$$

мында $p_1$ – көмүр кычкыл газын сактоодо резервуардагы басым, МПа;

$p_2$ – көмүр кычкыл газынын болжолдуу көлөмүн чыгаруунун аягында резервуардагы басым, МПа, сүрөт боюнча аныкталат.

Е.2 Көмүр кычкыл газынын орточо чыгымы $Q_m$, кг·с$^{-1}$, формула боюнча аныкталат

$$Q_m = \frac{m}{t}, \qquad (Е.2)$$

мында $m$ – көмүр кычкыл газынын болжолдуу саны, кг;

$t$ – көмүр кычкыл газын берүүнүн ченемдик убактысы, с.

Е.3 Азыктандыруучу (магистралдык) түтүк өткөргүчтүн ички диаметри $d_i$, м, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$d_i = 9{,}6 \cdot 10^{-3} \cdot \left[(k_4)^{-2} \cdot (Q_m)^2 \cdot l_1\right]^{0{,}19}, \qquad (Е.3)$$

мында $k_4$ – көбөйтүүчү Е.1-таблица боюнча аныкталат;

$l_1$ – долбоор боюнча азыктандыруучу (магистралдык) түтүк өткөргүчтүн узундугу, м.

Е.1 – т а б л и ц а

| $p_m$, МПа | 1,2 | 1,4 | 1,6 | 1,8 | 2,0 | 2,4 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Көбөйтүүчү $k_4$ | 0,68 | 0,79 | 0,85 | 0,92 | 1,0 | 1,09 |

Е.4 Корголуучу жайга киргизүү чекитиндеги азыктандыруучу (магистралдык) түтүк өткөргүчтөгү орточо басым теңдемеден эсептелет

$$p_3(p_4) = 2 + 0{,}568 \cdot \ln\left[1 - \frac{2 \cdot 10^{-11} \cdot (Q_m)^2 \cdot l_2}{(d_i)^{5{,}25} \cdot (k_4)^2}\right], \qquad (Е.4)$$

мында $l_2$ – изотермикалык резервуардан басым аныкталган чекитке чейинки түтүк өткөргүчтөрдүн эквиваленттүү узундугу, м:

$$l_2 = l_1 + 69 \cdot d_i^{1,25} \cdot \varepsilon_1, \qquad (Е.5)$$

мында $\varepsilon_1$ – түтүк өткөргүчтөрдүн фасад бөлүктөрүнүн каршылык коэффициенттеринин суммасы.

Е.5 Орточо басым

$$p'_m = 0,5 \cdot (p_3 + p_4), \qquad (Е.6)$$

мында $p_3$ – корголуучу жайга азыктандыруучу (магистралдык) түтүк өткөргүчтү киргизүү чекитиндеги басым, МПа;

$p_4$ – азыктандыруучу (магистралдык) түтүк өткөргүчтүн аягындагы басым, МПа.

Е.6 кийме аркылуу орточо чыгым $Q'_m$, кг·с$^{-1}$, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$Q'_m = 4,1 \cdot 10^3 \cdot \mu \cdot k_5 \cdot A_3 \cdot \sqrt{\exp(1,76 \cdot p'_m)}, \qquad (Е.7)$$

мында $\mu$ – кийме аркылуу чыгымдын коэффициенти;

$A_3$ – кийменин чыгуу аянты, м$^2$;

$k_5$ – төмөнкү формула боюнча аныкталуучу коэффициент

$$k_5 = 0,03 + \frac{0,03}{1,025 - 0,5 \cdot p'_m}, \qquad (Е.8)$$

Е.7 Кийменин саны $\xi_1$ төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$\xi_1 = Q_m / Q'_m$$

Е.8 Бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтүн ички диаметри $d'_i$, м, шарттан эсептелет

$$d'_i \geq 1,4 \cdot d \cdot \sqrt{\xi_1}, \qquad (Е.9)$$

мында $d$ – кийменин көзөнөгүнү чыгуу диаметри, м.




Е.1-сүрөт– Көмүр кычкыл газынын болжолдуу көлөмүн чыгаруунун аягында изотермикалык резервуардагы басымды аныктоо графиги

Э с к е р т ү ү – Көмүр кычкыл газынын салыштырмалуу массасы $m_4$ формула боюнча аныкталат

$$m_4 = \frac{m_5 - m}{m_5},$$

мында $m_5$ – көмүр кычкыл газынын баштапкы массасы, кг.

## Ж тиркемеси

## Газ өрт өчүрүүчү орнотмолор менен корголгон жайлардагы ашыкча басымды чыгаруу үчүн тешиктин аянтын эсептөө методикасы

Ашыкча басымды бошотуу үчүн тешиктин аянты $F_c$, м$^2$ төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$F_c \geq \frac{K_2 \cdot K_3 \cdot M_P}{0{,}7 \cdot K_1 \cdot \tau_{под} \cdot \rho_1} \sqrt{\frac{\rho_в}{7 \cdot 10^6 \cdot P_a \left[ \left( \frac{P_{пр} + P_a}{P_a} \right)^{0{,}2857} - 1 \right]}} - \sum F$$

мында $P_{пр}$ – корголуучу жайдын же анда жайгашкан жабдуунун курулуш конструкцияларынын бекемдигин сактоо шарттарынан аныкталуучу жол берилген ашыкча басымдын чеги, МПа;

$P_a$ – атмосфералык басым, МПа;

$\rho_в$ – корголуучу жайдын иштөө шарттарындагы абанын тыгыздыгы, кг·м$^{-3}$;

$K_2$ – 1,2 ге барабар алынган каражат коэффициенти;

$K_3$ – аны колдонууда басымдын өзгөрүшүн эске алган коэффициент;

$\tau_{под}$ – гидравликалык эсептөө менен аныкталган ГӨЗ берүү убактысы;

$\sum F$ – жайды тосуучу конструкциялардагы туруктуу ачык тешиктердин аянты (таштоочу тешиктен башка), м$^2$.

Чоңдуктун мааниси $M_p$, $K_1$, $\rho_1$ Д тиркемесине ылайык аныкталат.

ГӨЗ үчүн – суюлтулган газдардын коэффициенти $K_3 = 1$.

ГӨЗ үчүн – суюлтулган газдардын коэффициенти $K_3$ төмөнкүгө барабар колдонулат:

азот үчүн – 2,4;

аргон үчүн – 2,66;

«Инерген» курамы үчүн – 2,44.

Эгерде теңсиздиктин оң тарабынын мааниси нөлдөн аз же барабар болсо, анда ашыкча басымды бошотуу үчүн тешиктин (түзүлүштүн) кереги жок.

Э с к е р т ү ү – Тешик аянтынын мааниси ГӨЗ – суюлтулган газдын муздатуу таасирин эске албастан эсептелет, бул тешик аянтынын бир аз кыскарышына алып келиши мүмкүн.

# И тиркемеси

## Модулдук типтеги порошок өрт өчүрүү орнотмолорун эсептөө боюнча жалпы жоболор

И.1 Орнотмолорду эсептөө жана долбоорлоо үчүн баштапкы маалыматтар:

жайдын геометриялык өлчөмдөрү (тосуучу конструкциялардын көлөмү, аянты, бийиктиги);

тосуучу конструкциялардагы ачык тешиктердин аянты;

корголгон жайда иштөө температурасы, басымы жана нымдуулугу;

жайда турган заттардын, материалдардын тизмеси жана алардын өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү, МАМСТ 27331 боюнча аларга тиешелүү өрт классы

өрт жүктөмүнүн түрү, чоңдугу жана бөлүштүрүү схемасы;

желдетүү, абаны кондициялоо, абаны жылытуу тутумдарынын болушу жана мүнөздөмөсү;

технологиялык жабдуулардын мүнөздөмөсү жана жайгашуусу;

ӨКЧ 105-03 боюнча жайлардын категориясы жана ЭОЖЭ боюнча зоналардын класстары;

адамдардын болушу жана аларды эвакуациялоо жолдору.

модулдардын техникалык документтери.

И.2 Орнотмону эсептөө аныктаманы камтыйт:

өрттү өчүрүүгө арналган модулдардын саны;

болгон учурда персоналды эвакуациялоо убактысы;

орнотмонун иштөө убактысы;

порошоктун, модулдардын, комплекттөөчүлөрдүн керектүү каражаты;

орнотмону, сигнал берүүчү жана ишке киргизгич түзүлүштөрдү иштетүү үчүн, орнотууну иштетүү үчүн кубаттоо булактары үчүн кабарлагычтардын тиби жана керектүү саны (зарыл болсо) (9.5-пункттагы учурлар үчүн).

### Порошок менен өрт өчүрүүчү модулдук орнотмолор үчүн модулдардын санын эсептөө методикасы

И.3 Корголуучу көлөмдү өчүрүү

И.3.1 Бардык корголгон көлөмдү өчүрүү

Жайдын көлөмүн коргоо үчүн модулдардын саны төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$N = \frac{V_n}{V_H} \cdot k_1 \cdot k_2 \cdot k_3 \cdot k_4, \qquad (И.1)$$

мында $N$ – жайды коргоо үчүн керектүү модулдардын саны, даана;

$V_п$ – корголуучу жайдын көлөмү, м$^3$;

$V_H$ – тандалган типтеги бир модуль менен корголуучу көлөм модулдун техникалык документтери (мындан ары тиркеменин тексти боюнча – документтер) боюнча аныкталат, м$^3$ (чачыраткычтын геометриясын – өндүрүүчү билдирген корголуучу көлөмдүн формаларын жана өлчөмдөрүн эске алуу менен);

$k_1$ = 1÷1,2 – порошок чачуунун бирдей эместик коэффициенти. Чачыраткычтарды максималдуу жол берилген (модулдун документтери боюнча) бийиктиктин чегине койгондо $k_1$ = 1,2 же модулдун документтери менен аныкталат;

$k_2$ – мүмкүн болгон күйүү очогунун көлөкөлүгүн эске алуучу, жабдуу көлөкөлөгөн аянттын катышына жараша каражаттагы коэффициент $S_З$, корголгон жайга карата $S_У$ төмөнкүдөй аныкталат

$$k_2 = 1 + 1{,}33\frac{S_З}{S_У} \quad \text{ушул учурда} \quad \frac{S_З}{S_У} \le 0{,}15,$$

$S_З$ – көлөкө аянты – корголуучу аймактын бир бөлүгүнүн аянты катары аныкталат, мында өрт очогу пайда болушу мүмкүн болгон жерде, порошоктун чачыраткычтан түз сызык боюнча кыймылы порошок өткөрбөөчү структуралык элементтер тарабынан тосулат.

Ушул учурда $\frac{S_З}{S_У} > 0{,}15$ кошумча модулдарды түздөн-түз көлөкөлүү аймакка же көлөкөнү жок кылган абалга орнотуу сунушталат;

бул шарт аткарылганда $k_2$ 1 барабар колдонулат;

$k_3$ – А-76 бензинге салыштырмалуу корголуучу зонадагы күйүүчү затка карата колдонулган порошоктун өрт өчүрүү натыйжалуулугунун өзгөрүшүн эске алган коэффициент таблица боюнча аныкталат. Маалыматтар жок болгон учурда ӨКББ менен макулдашуу боюнча тиешелүү илимий-изилдөө мекемелеринин методикасы боюнча эксперименттик түрдө аныкталат;

$k_4$ – жайдын герметикалык эмес даражасын эске алган коэффициент.

$k_4 = 1 + B{\cdot}F_{нег}$, где $F_{нег}=F/F_{пом}$ – герметикалык эмес суммардык аянтынын катышы (тешиктер, жылчыктар) $F$ жайдын жалпы бетине карата $F_{пом}$, В коэффициенти сүрөт боюнча аныкталат.

$F_{нег}$ – жайдын төмөнкү бөлүгүндөгү герметикалык эмес аянты;

$F_в$ – жайдын жогорку бөлүгүндөгү герметикалык эмес аянты,

$F$ – герметикалык эместиктин суммардык аянты (тешиктер, жылчыктар).

Импульстук өрт өчүрүү орнотмолору үчүн В коэффициенти модулдардын документтери боюнча аныкталышы мүмкүн.

И.3.2 Көлөмү боюнча локалдуу өрт өчүрүү

Эсептөө 9.12 - 9.14-пункттарды эске алуу менен бүтүндөй көлөм боюнча өчүрүүдөгүдөй жүргүзүлөт. Локалдуу көлөм $V_н$, бир модуль менен корголуучу модулдардын документтери боюнча аныкталат (чачыратма форманын геометриясын жана өндүрүүчү тарабынан билдирилген локалдуу корголуучу көлөмдүн өлчөмдөрүн эске алуу менен), ал эми корголгон көлөмү $V_з$ 15% га көбөйгөн объекттин көлөмү катары аныкталат.




И.1-сүрөтү – $k_4$ коэффициентти эсептөөдө В коэффициентин аныктоонун графиги

Көлөмү боюнча локалдуу өчүрүүдө төмөнкүлөр кабыл алынат: $k_4$ = 1,3, модулдун документтеринде келтирилген башка маанилерди $k_4$ кабыл алууга жол берилет.

И.4 Аянты боюнча өрт өчүрүү

И.4.1 Бүткүл аянт боюнча өчүрүү

Корголуучу жайдын аянты боюнча өрт өчүрүү үчүн зарыл болгон модулдардын саны формула боюнча аныкталат

$$N = \frac{S_У}{S_Н} \cdot k_1 \cdot k_2 \cdot k_3 \cdot k_4, \qquad (И.2)$$

мында $N$ – модулдардын саны, даана;

$S_У$ – тосуучу конструкциялар, дубалдар менен чектелген корголуучу жайдын аянты, м²;

$S_Н$ – бир модуль менен корголгон аймак модулдун документтери боюнча аныкталат, м² (чачыраткычтын геометриясын эске алуу менен өндүрүүчү жарыялаган корголуучу аймактын өлчөмдөрү).

Коэффициенттердин мааниси 1-бөлүккө ылайык аныкталат, коэффициенттин мааниси $k_4$ 1,2 барабар колдонулат; модулдун документтеринде келтирилген башка маанилерди $к_4$ кабыл алууга жол берилет.

И.4.2 Аянты боюнча локалдуу өрт өчүрүү

Эсептөө аянты боюнча өрт өчүрүүдөгүдөй эле 9.13, 9.14-пункттардын талаптарын эске алуу менен жүргүзүлөт. Мында төмөнкүлөр колдонулат: $S_н$ – бир модуль менен корголгон локалдык аянт модулдун документтери боюнча аныкталат (өндүрүүчү жарыялаган чачыратма форманын геометриясын жана локалдуу корголуучу аянттын өлчөмдөрүн эске алуу менен), ал эми корголгон аянт $S_у$ 10% га көбөйгөн объекттин аянты катары аныкталат.

Аянты боюнча локалдуу өчүрүүдө төмөнкүлөр колдонулат: $k_4$=1,3; модулдун документтеринде келтирилген же долбоордо негизделген башка маанилерди $к_4$ кабыл алууга жол берилет.

$S_н$ катарында В классынын очогунун максималдуу рангынын аянты кабыл алынышы мүмкүн, аны өчүрүү ушул модуль менен камсыз кылынат (модулдун документтери боюнча аныкталат, $м^2$).

Э с к е р т ү ү – Бөлчөк сандардын модулдарынын санын эсептөөдө алынган учурда, акыркы сан катары ирети менен төмөнкү чоң бүтүн сан алынат.

Аянты боюнча коргоодо корголуучу объекттин конструкциялык жана технологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен (долбоордо негиздемеси менен) позондук коргоону камсыз кылган алгоритмдер боюнча модулдарды ишке киргизүүгө жол берилет. Бул учурда корголуучу зона катары долбоордук (өтмө жолдор ж.б.) же конструкциялык (күйбөй турган дубалдар, тосмолор ж.б.) чечимдер менен бөлүнгөн аянттын бөлүгү кабыл алынат. Мында орнотмонун иши орнотмонун инерциялуулугун жана өрттүн таралуу ылдамдыгын эске алуу менен эсептелүүчү корголуучу зонанын чегинен тышкары өрттүн жайылып кетпөөсүн камсыз кылууга тийиш (күйүүчү материалдардын конкреттүү түрү үчүн).

И.1 – т а б л и ц а – Ар кандай заттарды өчүрүүдө өрт өчүрүүчү порошоктордун $k_3$ салыштырма натыйжалуулугунун коэффициенти

| № к/н | Күйүүчү зат | A,B,C классындагы өрт өчүрүү порошоктору | B,C классындагы өрт өчүрүү порошоктору |
|---|---|---|---|
| 1 | А-76 бензини | 1 | 0,9 |
| 2 | Дизелдик отун | 0,9 | 0,8 |
| 3 | Трансформатордук май | 0,8 | 0,8 |
| 4 | Бензол | 1,1 | 1 |
| 5 | Изопропанол | 1,2 | 1,1 |
| 6 | Жыгач | 1,0(2,0) | - |
| 7 | Резина | 1,0(1,5) | - |

Таблицада кашаанын ичиндеги орнотмолор үчүн коэффициенттин маанилери $k_3$ 9.5, 9.6-пункттар жана орнотмолор кол менен гана ишке киргизилет.

## К тиркемеси

## Корголуучу жайдын максатына жана өрт жүктөмүнүн түрүнө жараша өрт кабарлагычтарынын тибин тандоо

К.1 – т а б л и ц а

| Өндүрүштөрдүн мүнөздүү жайларынын, технологиялык процесстердин тизмеги | | Өрт кабарлагычынын түрү |
|---|---|---|
| 1 | Өндүрүш имараттары: | |
| 1.1 | Өндүрүү жана сактоо менен: синтетикалык чайырлардан, синтетикалык булалардан, полимердик материалдардан жасалган буюмдар, текстиль, текстиль-галантерея, тигүүчү, бут кийим, булгаары, тамеки, тери жана целлюлоза-кагаз буюмдары, целлулоид, резина, резина-техникалык буюмдар, күйүүчү рентген жана кинофотопленкалар, пахта | Түтүн, жылуулук, жалын |
| | лактар, сырлар, эриткичтер, ТКС, КС, майлоочу материалдар, химиялык реактивдер, спиртоводка продукциялары | Жылуулук, жалын |
| | щелочтуу металлдар, металл порошоктор | Жалын |
| | ун, аралаш тоюттар, чаң бөлүп чыгаруучу башка продуктулар жана материалдар | Жылуулук, жалын |
| 1.2 | Өндүрүү: кагаз, картон, тушкагаз, мал жана канаттуулар азыктарын | Түтүн, жылуулук, жалын |
| 1.3 | Сактоо: күйүүчү пакеттеги эмес күйүүчү материалдар, катуу күйүүчү материалдар | Түтүн, жылуулук, жалын |
| | Эсептөө техникасы, радиоаппаратурасы бар жайлар, АТС | Түтүн |
| 2 | Атайын курулмалар: | |
| 2.1 | Кабелдерди тартуу үчүн, трансформаторлор жана бөлүштүрүүчү түзүлүштөр үчүн, электрощиттик жайлар | Түтүн, жылуулук |
| 2.2 | Күйүүчү суюктуктарды жана майларды сордуруу боюнча жабдуулар жана түтүк өткөргүчтөрдү үчүн, ичинен күйүүчү кыймылдаткычтарды жана отун аппаратураларын сыноо үчүн, баллондорду күйүүчү газдар менен толтуруу үчүн жайлар | Жалын, жылуулук |
| 2.3 | Автомобилдерди тейлөө ишканаларынын жайлары | Түтүн, жылуулук, жалын |

*К.1 – таблицанын аягы*

| Өндүрүштөрдүн мүнөздүү жайларынын, технологиялык процесстердин тизмеги | | Өрт кабарлагычынын түрү |
|---|---|---|
| 3* | Административдик, турмуш-тиричилик жана коомдук имараттар жана курулмалар: | Түтүн |
| 3.1 | Көрүү, репетициялык, лекциялык, окуу жана конференц-залдар, кулуарлар, фойелер, холлдор, коридорлор, гардеробдор, китеп сактоочу жайлар, архивдер, асма шыптардын артындагы мейкиндиктер | |
| 3.2 | Артисттик, костюмдук, реставрациялык чеберканалар, кино жана жарык проекциялык, аппараттык, фотолабораториялар | Түтүн, жылуулук, жалын |
| 3.3 | Административдик-чарбалык жайлар, машина эсептөөчү станциялар, башкаруу пульту, турак жайлар | Түтүн, жылуулук |
| 3.4 | Оорукана палаталары, соода, коомдук тамактануу жайларынын имараттары, кызматтык бөлмөлөр, мейманканалардын жана жатаканалардын турак жайлары | Түтүн, жылуулук |
| 3.5 | Музейлердин жана көргөзмөлөрдүн жайлары | Түтүн, жалын |

## Л тиркемеси

## Имараттардын жана жайлардын максатына жараша кол менен иштөөчү өрт кабарлагычтарын орнотуу жерлери

| № | Мүнөздүү жайлардын тизмеги | Орнотмонун орду |
|---|---|---|
| 1 | Өндүрүштүк имараттар, курулмалар жана жайлар (цехтер, кампалар ж.б.): | |
| 1.1 | Бир кабаттуу | Эвакуация жолдорунун боюнда, коридорлордо, цехтердин, кампалардын чыга беришинде |
| 1.2 | Көп кабаттуу | Ошондой эле ар бир кабаттын тепкичтеринде |
| 2 | Кабелдик курулмалар (туннелдер, кабаттар ж. б.) | Туннелдин кире беришинде, кабатта, туннелдин авариялык чыгуусунда, туннелдердин айрылышында |
| 3 | Административдик-тиричилик жана коомдук имараттар | Коридорлордо, залдарда, вестибюльдерде, тепкич аянтчаларында, имараттын чыга беришинде |

# М тиркемеси

## Имараттарда жана курулмаларда адамдарга өрт тууралуу билдирүү тутумдарын долбоорлоо боюнча жетекчилик

### М.1 Колдонуу тармагы

М.1.1 Ушул жетекчилик имараттарда жана курулмаларда (мындан ары – имараттарда) өрт чыкканда адамдарга билдирүү тутумдарын жана эвакуациялоону башкаруу (БЭБТ) долбоорлоого талаптарды белгилейт.

М.1.2 Ушул жетекчилик БЭБТнын типтерин белгилейт жана бул тутумдар менен жабдылууга тийиш болгон имараттардын тизмегин аныктайт.

М.1.3 БЭБТны долбоорлоодо ушул жетекчилик менен бирге мыйзамда белгиленген тартипте бекитилген башка ченемдик документтерди да жетекчиликке алуу керек.

### М.2 Терминдер жана аныктамалар

Ушул жетекчиликте ЭӨЖС (төмөндөгүлөрдү кошпогондо) СТ 383, МАМСТ 12.2.003, МАМСТ 12.1.004, МАМСТ 12.1.033, МАМСТ 12.4.026 жана КР КЧ 21-01 ылайык терминдер жана аныктамалар (төмөндө келтирилгенден тышкары) колдонулду.

М.2.1 **билдирүү жана эвакуациялоону башкаруу тутуму (БЭБТ):** Өрт чыккандыгы жана (же) эвакуациялоо зарылдыгы жана жолдору тууралуу адамдарга өз убагында билдирүү үчүн арналган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси.

М.2.2 **өрт тууралуу билдирүү аймагы:** Бир убакта жана бирдей ыкма менен адамдарга өрт тууралуу билдирүү жүргүзүлүүчү имараттын бөлүгү.

М.2.3 **билдирүүнүн техникалык каражаттары:** Үн, сөз, жарык жана аралаш өрт билдиргичтери, аларды башкаруу түзүлүштөрү, ошондой эле өрт коопсуздугунун эвакуациялык белгилери.

М.2.4 **статикалык көрсөткүч:** Мазмундук мааниси туруктуу өрт коопсуздугунун эвакуациялык белгиси.

М.2.5 **динамикалык көрсөткүч:** Мазмуну өзгөрүүчү өрт коопсуздугунун эвакуациялык белгиси.

М.2.6 **автоматтык башкаруу:** Өрт сигнал бергичин, же өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолорун командалык импульс менен БЭБТны кыймылга келтирүү.

М.2.7 **жарым автоматтык башкаруу:** Өрт сигнал бергичин, же өрт

өчүрүүнүн автоматтык орнотмолорунан командалык импульс алган учурда диспетчер менен БЭБТны кыймылга келтирүү.

### М.3 Жалпы жоболор

М.3.1 Өрт чыкканда билдирүү жана адамдарды эвакуациялоону башкаруу төмөнкү ыкмалардын бири, же алардын комбинациясы менен жүргүзүлүшү керек: адамдар туруктуу, же убактылуу болгон имараттын бардык жайларына үн жана/же жарык сигналдарын берүү менен; адамдарга эвакуациялоо зарылдыгы, эвакуациялоо жолдору, кыймыл багыттары жана адамдардын коопсуздугун камсыз кылууга багытталган башка аракеттер тууралуу тексттерди берүү; эвакуациялоону татаалдаштырган дүрбөлөңдү жана башка кубулуштарды болтурбоого багытталган атайын иштелип чыккан тексттерди берүү; эвакуациялоо жолдоруна коопсуздук эвакуациялык белгилерди (мындан ары – көрсөткүчтөр) жайгаштыруу; коопсуздук эвакуациялык белгилерди жандыруу; эвакуациялык жарыкты күйгүзүү; эвакуациялык чыгуулардын эшиктерин аралыктан ачуу (мисалы электромагниттик кулпу менен жабдылган); өрт күзөтүнүн байланышы – өрт тууралуу билдирүү аймагы менен диспетчердик кароол.

М.3.2 БЭБТ эвакуациялоо планын ишке ашыруу максатында долбоорлонууга тийиш. БЭБТны долбоорлоодо аны жарандык коргонуунун билдирүү тутуму менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгү каралышы керек.

М.3.3 БЭБТ өрт сигнал бергичинин, же өрт өчүргүчтүн автоматтык орнотмосунан түзүлгөн командалык импульсунан иштеши керек, мында ушул жетекчиликтин 3.4 жана 3.6 пункттарында берилген учурлардан тышкары.

М.3.4 Эгерде ченемдик документтерге ылайык аталган имараттын түрү үчүн өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмосу жана автоматтык өрт сигнал бергичи менен жабдуу талап кылынбаса БЭБТда аралыктык жана жергиликтүү иштетүүнү* колдонууга жол берилет. Ишке киргизүү элементтерин өрт тууралуу кол билдиргичтерине карата колдонулган талаптарга ылайык аткаруу жана жайгаштыруу керек.

*Аралыктык жана жергиликтүү иштетүү терминдери белгиленген тартипте бекитилген ченемдик документтерде аныкталган.

М.3.5 Белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча документтерде баяндалган шарттар аткарылып жатса, өрт тууралуу бир билдиргич иштеген учурда БЭБТны иштетүүгө жол берилет.

М.3.6 3-5 тибиндеги БЭБТда жарым автоматтык башкарууну, ошондой эле билдирүүнүнайрым аймактарында аралыктык жана жергиликтүү иштетүүнү колдонууга жол берилет. Башкаруунун түрүн тандоо долбоорчу уюм тарабынан

имараттын функционалдык багытталышына, конструктивдүү жана көлөмдүү-пландоо чечимлерине жараша аныкталат. Мындай шарт катары белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин өрт учурунда адамдардын коопсуздугун камсыздоо бөлүгүнүн талаптары колдонулушу мүмкүн.

М.3.7 Имараттын билдирүү аймактарына бөлүнүшүндө корголуучу объектиде жайгашкан адамдарга билдирүүнүн атайын кезегин иштеп чыгуу керек.

М.3.8 Өрт тууралуу билдирүү аймактарынын көлөмдөрү, билдирүүнүнатайын кезеги жана айрым аймактарда билдирүүнүн башталышынын убактысы өрт учурунда адамдарды коопсуз эвакуциялоону камсыз кылуу шарттарына жараша аныкталат. Мындай шарт катары белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин өрт учурунда адамдардын коопсуздугун камсыздоо бөлүгүнүн талаптары колдонулушу мүмкүн.

М.3.9 БЭБТ адамдарды имараттан эвакуациялоо үчүн зарыл болгон убакыттын ичинде иштеши керек. БЭБТнын байланыш чубалгыларынын зымдары жана кабелдери курулуш конструкцияларында кутуларда, же каналдарда күйбөгөн материалдардан орнотулууга тийиш.

М.3.10 Билдирүүнүн техникалык каражаттарын аткаруу белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин талаптарына ылайык келиши керек.

М.3.11 Өрт коопсуздугунун жарык көрсөткүчтөрүн жана эвакуациялык белгилерин жайгаштыруу белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин талаптарына ылайыкаткарылууга тийиш.

М.3.12 Эвакуациялык жарыктандыруу белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин талаптарына ылайык каралат.

М.3.13 Эвакуациялык жарык көрсөткүчтөрү жумушчу жарыктандыруунун негизги жарыктандыруусу менен бир убакытта күйгүзүлөт. Өрт тууралуу билдирүүнүн жана (же) жумушчу жарыктандыруунун авариялык токтотулушунун башталышы тууралуу БЭБТ командалык импулоьсун алганда автоматтык түрдө күйүүчү эвакуациялык жарык көрсөткүчтөрүн колдонууга жол берилет. Көрүү, демонстрациялык, көргөзмө жана башка залдарында “Чыгуу” жарык көрсөткүчү адамдар бар болгон убакытта күйгүзүлүшү керек.

М.3.14 БЭБТ үн сигналдары үндүн жалпы деңгээлин, билдиргичтин ортосундагы 3 м аралыктан 75 дБА аз эмес, бирок корголуп жаткан жайдын бардык бурчунан 120 дБА ашпаган билдиргичтер аркылуу жүргүзүлгөн бардык сигналдар менен туруктуу ызы-чуунун үнүнүн деңгээлин камсыз кылууга тийиш.

М.3.15 Даана угулушун камсыз кылуу үчүн БЭБТүн сигналдары корголуп жаткан жайдын ичинде туруктуу ызы-чуунун үнүнүн жол берилген деңгээлинен

жогору 15 дБА кем эмес деңгээлин камсыз кылуусу керек. Өлчөө жер тамандын деңгээлинен 1,5 м аралыкта жүргүзүлөт.

М.3.16 Уктоочу жайларда БЭБТ үн сигналдары корголуп жаткан жайдын ичинде туруктуу ызы-чуунун үнүнүн жол берилген деңгээлинен жогору 15 дБА кем эмес, бирок 70 дБА аз эмес деңгээлде болууга тийиш. Өлчөө уктап жаткан адамдын башынын деңгээлинде жүргүзүлөт.

М.3.17 Дубалга илинүүчү үн билдиргичтери эреже боюнча жер тамандын деңгээлинен 2,3 м кем эмес бийиктикте, бирок шыптан билдиргичке чейин 150 мм кем эмес бекитилиши керек.

М.3.18 Корглуп жаткан жайларда адамдар ызы-чуудан коргоочу жабдуу менен болгон, же ызы-чуунун үнүнүн деңгээли 95 дБА жогору учурда үн билдиргичтери жарык менен аралаш жүргүзүлүүгө тийиш; өчүп-күйүүчү жарык билдиргичтерин колдонууга жол берилет.

М.3.19 Сүйлөө билдиргичтери нормалдуу угулуучу диапазону 200 - 5000 Гц чейинки жыштыкта жүргүзүлүшү зарыл. Сүйлөө билдиргичтериндеги маалыматтын үнүнүн деңгээли ушул жетекчиликтин 3.14-3.16 п. берилген үн билдиргичтери үчүн талаптарга шайкеш келүүгө тийиш.

М.3.20 Корголуп жаткан жайда үн бийиктеткич жана башка сүйлөө билдиргичтерин орнотуу чагылдырылган үндүн концентрациясын жана тегиз эмес таралышын болтурбоого тийиш.

М.3.21 Дубалга илинүүчү сүйлөө билдиргичтери жогорку бөлүгү жер тамандын деңгээлинен 2,3 м аралыктан кем эмес, бирок шыптан билдиргичтин жогорку бөлүгүнө чейинки аралык 150 мм кем эмес аралыкта жайгаштырылууга тийиш.

М.3.22 Үн жана сүйлөө өрт билдиргичтериинин саны, алардын жайгашуусу жана кубаттуулугу ушул Жетекчиликтин М.3.14-М.3.16 п. талаптарына ылайык адамдар туруктуу жана убактылуу болуучу бардык жерлерде үндүн деңгээлин камсыз кылышы керек.

М.3.23 Билдиргичтердин үн бийиктигин жөндөгүчү болбоого жана ажыраткыч түзүлүштөрүсүз тармакка кошулууга тийиш.

М.3.24 Билдирүүнүн үн сигналдары башка багыттагы үн сигналдарынан үн тону боюнча айырмаланышы керек.

М.3.25 БЭБТ коммуникацияларын имараттын радио берүү тармагы менен айкалыштырып долбоорлого жол берилет.

М.3.26 БЭБТнын электр менен жабдуу, жер астына орнотуу, жок кылуу, кабель жана тармактын зымдарын тандоого талаптарды белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин талаптарына ылайык кабыл алуу керек.

М.3.27 БЭБТны башкаруу өрт күзөтү жайынан – диспетчер, же белгиленген тартипте бекитилген өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтерде баяндалган талаптарга жооп берген башка атайын жайларда жүргүзүлөт.

## М.4 Имараттарда өрт чыкканда билдирүү жана адамдарды эвакуациялоону башкаруу тутумдарынын типтери

М.4.1 Жетекчиликте М.1-таблицада берилген билдирүү ыкмасына, имараттын билдирүү аймактарына бөлүнүшүнө жараша БТЭБнын беш түрү каралган.

М.1 – т а б л и ц а

| БТЭБ мүнөздөмөсү | БТЭБнын ар кандай типтеринде көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөрүнүн болушу | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 1 Билдирүү ыкмалары: | | | | | |
| үн (сирена, тону өзгөчө сигнал ж.б.) | + | + | * | * | * |
| сүйлөө (атайын тексттерди берүү) | - | - | + | + | + |
| Жарык | | | | | |
| а) өчүп-күйүүчү жарык көрсөткүчтөрү | * | * | * | * | * |
| б) “Чыгуу” жарык билдиргичтери | * | + | + | + | + |
| в) кыймыл багыттарынын статикалык көрсөткүчтөрү | - | * | * | + | * |
| г) кыймыл багыттарынын динамикалык көрсөткүчтөрү | - | - | - | * | + |
| 2 Имаратты өрт билдирүү аймактарына бөлүү | - | - | * | + | + |
| 3 Билдирүү аймактырынын өрт үзөтү – диспетчер жайы менен кайтарым байланышы | - | - | * | + | + |
| 4 Ар бир билдирүү аймагынан эвакуациялоону уюштуруунун бир нече варианттарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү | - | - | - | * | + |
| 5 Бир өрт күзөтүнөн – диспетчердик кароол жайынан өрт учурунда адамдардын коопсуздугун камсыздоого байланыштуу имараттын бардык тутумдарын координацияланган башкаруу | - | - | - | - | + |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 + талап кылынат; * жол берилет; – талап кылынбайт.

2 Билдирүүнүн айрым аймактарында БТЭБнын 3–5 типтери үчүн билдирүүнүн үн ыкмасын колдонууга жол берилет.

3 Дүлөй жана угуусу начар адамдар жайгашкан имараттарда (иштеген, жашаган, эс алып жаткан) жарык, же өчүп-күйгөн жарык билдиргичтерин колдонуу талап кылынат.

4 БЭБТнын 3-5 тиби автоматташтырылган тутумдарга кирет.

## М.5 Ар кандай багыттагы имараттар жана курулмалар үчүн өрт чыкканлда билдирүү жана адамдарды эвакуациялоо тутумдарынын типтерин аныктоо

М.5.1 Имараттар үчүн БЭБТнын тиби М.2-таблица боюнча аныкталат. Адамдарды коопсуз эвакуациялоону камсыз кылуу шарттары сакталган учурда имараттар үчүн БЭБТнын мындан да жогорку тибин колдонууга жол берилет.

М.2 – т а б л и ц а

| Имараттардын, комплекстердин жана курулмалардын тобу (ченемдик көрсөткүчтүн аталышы) | Ченемдик көрсөткүчтүн мааниси | Кабаттардын эң көп саны | ЭЭБТ тиби | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 1 Тиричилик тейлөө ишканалары, банктар (өрт бөлүмүнүн аянты, $м^2$) | 800 чейин | 1 | + | | | | | Соода жана коомдук борборлордун курамында же башка арналыштагы коомдук имараттарда жайгашкан аянты 200 $м^2$ ашкан жайлар кабарлоонун өз алдынча зонасы катары каралат |
| | 800-1000 | 2 | | + | | | | |
| | 1000-2500 | 6 | | | + | | | |
| | 2500 көп | 6 көп | | | | + | + | |
| 2 Коомдук имараттарда жайгашкан чач тарачтар, оңдоо боюнча устаканалар ж.б.у.с. (аянты, $м^2$) | 300 чейин | | + | | | | | |
| | 300 жана андан көп | | | + | | | | |
| 3 Коомдук тамактануу ишканалары (сыйымдуулугу, адам.) | 50 чейин | 2 | Талап кылынбайт | | | | | |
| | 50 чейин | 2 көп | + | | | | | |
| | 50-200 | | | + | | | | |
| | 200-1000 | | | | + | | | |
| | 1000 көп | | | | | + | + | |

*М.2 – таблицанын уландысы*

| Имараттардын, комплекстердин жана курулмалардын тобу (ченемдик көрсөткүчтүн аталышы) | Ченемдик көрсөткүчтүн мааниси | Кабаттардын эң көп саны | ЭЭБТ тиби | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| Жертөлөдө (цоколдо) жайгашкан | – | | | | + | | | |
| 4 Мончо жана мончо-ден соолукту чыңдоо комплекс-тери (саны, орду, адам) | 20 жана андан көп | | | + | | | | Курулган мончолор (сауналар) өз алдынча зона катары каралат |
| 5 Соода ишканалары (дүкөн-дөр, базарлар), өрт бөлүмүнүн аянты м²) | 500 чейин | 1 | + | | | | | Башка багыттагы имарат-тардагы аянты 100 м² ашкан соода залдары өз алдынча зоналар катары каралат |
| | 500-3500 | 2 | | + | | | | |
| | 3500 көп | 5 | | | + | | | |
| Соода залдары | Табигый жарыктандыруусу жок | | | | + | | | |
| 6 Мектепке чейинки мекеме-лер (орундардын саны) | 100 чейин | 1 | + | | | | | Мектепке чейинки мекемелерде кызматтык персоналга гана кабар берилет. Мектепке чейинки мекемелердин жана башталгыч мектептин бир имаратында жалпы сыйым-дуулугу 50 адамдан ашык персонал үчүн турак жайларды (же) жайгаштырууда алар кабарлоонун өз алдынча зоналарына бөлүнүп берилет. Мектепте адегенде кызматкер-лер, андан кийин окуучулар эскертилет |
| | 100-150 | 2 | | + | | | | |
| | 150 көп | 3 | | | + | | | |
| Атайын балдар мекемелери | – | – | | + | | | | |
| 7 Мектептер жана мектеп-интернаттардын окуу корпустары (имараттагы орундардын саны, адам) | 270 ке чейин | 1 | + | | | | | |
| | 270-350 | 2 | | + | | | | |
| | 351-1600 | 3 | | | + | | | |
| | 1600 көп | 3 көп | | | | + | + | |

*М.2 – таблицанын уландысы*

| Имараттардын, комплекстердин жана курулмалардын тобу (ченемдик көрсөткүчтүн аталышы) | Ченемдик көрсөткүчтүн мааниси | Кабаттардын эң көп саны | ЭЭБТ тиби | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| Атайын мектептер жана мектеп-интернаттар | | | | | + | | | |
| Мектеп-интернаттардын жана башка балдар үйлөрүнүн уктоочу корпустары (имараттагы орундардын саны) | 100 чейин | 1 | * | | | | | |
| | 101-200 | 3 | | * | | | | |
| | 200 көп | 4 | | | * | | | |
| 8 Атайын орто жана жогорку окуу жайларынын окуу корпустары | | 4 чейин | + | | | | | Орундардын саны 300дөн ашкан, ошондой эле 6-кабаттан жогору жайгашкан орундар-дын саны 300дөн аз болгон аудиториялардын, чогулуш-тардын жыйындар залдарынын жана башка залдык жайлардын имараттары кабарлоонун өз алдынча зонасы катары каралат |
| | | 4-9 | | + | | | | |
| | | 9 көп | | | | + | + | |
| 9 Оюн-зоок мекемелери (театрлар, цирктер ж. б.): жыл бою иштөөчү жайлар (залдын эң чоң сыйым-дуулугу, адам) | | | | | | | | |
| | 300 чейин | 1 | + | | | | | |
| | 300-800 | 2 | | + | | | | |
| | 800 көп | 3 | | | + | | | |
| Сезондо иштөөчү жайлар: | | | | | | | | |
| | 600 чейин | 1 | + | | | | | |

*М.2 – таблицанын уландысы*

| Имараттардын, комплекстердин жана курулмалардын тобу (ченемдик көрсөткүчтүн аталышы) | Ченемдик көрсөткүчтүн мааниси | Кабаттардын эң көп саны | ЭЭБТ тиби | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| а) жабык | 600 жана андан көп | 1 | | + | | | | |
| б) ачык | 800 чейин | 1 | + | | | | | |
| | 800 жана андан көп | 1 | | + | | | | |
| Клуб | 400 чейин | 2 | + | | | | | |
| | 400-600 | 3 | | + | | | | |
| | 600 көп | 3 көп | | | + | | | |
| 10 Дене тарбия-ден соолукту чыңдоо жана спорттук багыттагы имараттар, жабык жана ачык курулмалар (орундардын саны) | 200 чейин | 3 | | + | | | | |
| | 200-1000 | 3 көп | | | + | | | |
| | 1000 көп | | | | | + | + | |
| 11 Дарылоо мекемелери (койкалардын саны): | 60 чейин | | | + | | | | Башка багыттагы имараттарда жайгашкан дарылоо, амбулаториялык - бейтапканалык мекемелердин жана дарыканалардын жайлары кабарлоонун өз алдынча зонасы катары каралат |
| | 60 жана андан көп | | | | + | | | |
| Психиатриялык ооруканалар | - | | | | + | | | |
| амбулаториялык-бейтапканалык мекемелер (нөөмөттө келгендер, адамдар) | 90 чейин | | | + | | | | |
| | 90 жана андан көп | | | | + | | | |
| 12 Санаторий, эс алуу жана туризм мекемелери, уктоочу корпустарда тамак-аш блоктору жана маданий-массалык багыттагы жайлар болсо | | 10 чейин | | + | | | | |
| | | 10 жана андан көп | | | + | + | + | |

*М.2 – таблицанын уландысы*

| Имараттардын, комплекстердин жана курулмалардын тобу (ченемдик көрсөткүчтүн аталышы) | Ченемдик көрсөткүчтүн мааниси | Кабаттардын эң көп саны | ЭЭБТ тиби | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 13 Балдардын ден соолук лагерлери: | | | | | | | | |
| жыл бою иштеген жайлар | | | | + | | | | |
| жайкы IV-V отко туруктуулук даражалары | | | + | | | | | |
| 14 Китепканалар жана архивдер | | | | + | | | | |
| окуу залдары бар болсо (оруңдардын саны 50 адамдан ашык) | | | | | + | | | |
| сактоочу жайлар (китеп сактагычтар) | | | + | | | | | |
| 15 Башкаруу органдарынын мекемелери, долбоорлоо-конструктордук уюмдар, ИИИ, маалыматтык борборлор жана башка административдик имараттар | | 6 га чейин | | + | | | | |
| | | 6-16 | | | + | | | |
| 16 Музейлер жана көргөзмөлөр (келгендердин саны) | 500 чейин | 3 | | + | | | | |
| | 500-1000 | 3 көп | | | + | | | |
| | 1000 көп | | | | | + | + | |
| 17 Вокзалдар | | 1 | | + | | | | |
| | | 1 көп | | | + | | | |

*М.2 – таблицанын аягы*

| Имараттардын, комплекстердин жана курулмалардын тобу (ченемдик көрсөткүчтүн аталышы) | Ченемдик көрсөткүчтүн мааниси | Кабаттардын эң көп саны | ЭЭБТ тиби | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 18 Мейманканалар, жатаканалар жана кемпингдер (сыйымдуулугу, адам) | 50 чейин | 3 кө чейин | | + | | | | |
| | 50 көп | 3-9 | | | + | | | |
| | | 9 көп | | | | + | + | |
| 19 Турак жай имараттары: | | | | | | | | |
| секция тибиндеги | | 10 чейин | Талап кылынбайт | | | | | |
| | | 10-25 | + | | | | | |
| коридор тибиндеги | | 10 чейин | | + | | | | |
| | | 10-25 | | | + | | | |
| 20 Өндүрүштүк имараттар жана курулмалар (имараттын категориясы) | А, Б, В, Г, Д | 1 | + | | | | | ЭЭБТ 1-тиби селектордук байланыш менен айкалыш-тырууга жол берилет |
| | А, Б | 2-6 | | | + | | | |
| | В | 2-8 | | + | | | | |
| | Г, Д | 2-10 | | + | | | | |
| Жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча объекттердин аймактары (өндүрүштөр, кампалар, базалар ж. б.) | | | | | + | | | А жана Б категориясындагы имараттардын ЭЭБТ технологиялык же өрт автоматикасы менен тосулууга тийиш |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 ЭЭБТнын талап кылынган тиби ченемдик көрсөткүчтүн мааниси боюнча аныкталат. Эгерде кабаттардын саны ушул функциялык арналыштагы имараттар үчүн ЭЭБТнын бул тибине жол бергенден көп болсо же М.2-таблицада ченемдик көрсөткүчтүн мааниси жок болсо, анда талап кылынган ЭЭБТ тиби имараттын кабаттарынын саны боюнча аныкталат.

2 Бул эрежелерде өрт бөлүмүнүн аянтынын ченемдик көрсөткүчү деп өрткө каршы дубалдардын ортосундагы кабаттын аянты түшүнүлөт.

3 М.2-таблицага ылайык 4 же 5-типтеги ЭЭБТ имаратынын жабдуулары талап кылынган объектилерде ЭЭБТны тандоо боюнча акыркы чечим долбоорлоо уюму тарабынан кабыл алынат.

4 Физикалык жактан кемчилдиктери бар (көрүүсү начар, угуусу начар) адамдар турган (иштеген, жашаган, бош убактысын өткөргөн) жайларда жана имараттарда ЭЭБТ бул өзгөчөлүктөрдү эске алууга тийиш.

Система нормативных документов в строительстве

**СТРОИТЕЛЬНЫЕ ПРАВИЛА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

# ПОЖАРНАЯ АВТОМАТИКА ЗДАНИЙ И СООРУЖЕНИЙ

# СП КР 21-101:2024

# ИМАРАТТАРДЫН ЖАНА КУРУЛМАЛАРДЫН ӨРТ АВТОМАТИКАСЫ

# КР КЭ 21-101:2024

Издание официальное

Расмий басылма

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА
И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

БИШКЕК 2024

## Предисловие

1 АКТУАЛИЗИРОВАНЫ Государственным институтом сейсмостойкого строительства и инженерного проектирования при Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства (Госстрой) при Кабинете Министров Кыргызской Республики

2 ВНЕСЕНЫ Управлением архитектуры и технического нормирования Госстроя

3 УТВЕРЖДЕНЫ приказом Госстроя от 18 июня 2024 года № 178 и ВВЕДЕНЫ В ДЕЙСТВИЕ с 5 июля 2024 года на основе Положения о Госстрое, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44

4 ВЗАМЕН СНиП 2.04.09-84 «Пожарная автоматика зданий и сооружений»

*Настоящие строительные правила не могут быть полностью или частично воспроизведены, тиражированы и распространены в качестве официального издания без разрешения Госстроя*

© Госстрой, 2024

В случае пересмотра (замены) или отмены настоящих строительных правил соответствующее уведомление будет опубликовано в установленном порядке. Соответствующая информация, уведомление и тексты размещаются также в информационной системе общего пользования – на официальном сайте разработчика

## Содержание

